5121

Б. Кебекова

# Эр Табылды эпосу

1962

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

Инв. 5121

стр. 78

Кибекова.

# Папка для бумаг

Ин в. 5121

Кыргыз ССР Илимдер Академиясы
Тил жана адабият Институту

2/VII 62 г
Инв. № 5121

Б.КЕБЕКОВА

# "Э Р  Т А Б Ы Л Д Ы"

Апрель, 1962-жыл.

# " ЭР ТАБЫЛДЫ" ЭПОСУНУН ИДЕЯЛЫК БАГЫТЫ ЖАНА КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ.

----------------

Кыргыз, ошондой эле Орто Азия, казак элдеринин тарыхында калмак, жунгар хандарынын жортуулу эстен кеткис элестүү учур, толкундуу күндөр катарында белгиленет. Натыйжада XV-XVIII кылымдарда жунгар феодалдарынын кол салган жылдарында элдин башынан өткөргөн азаптары, кылымдар бою уланып келген баатырдык менен жүргүзгөн коргонуу күрөштөрү жазма адабияты өнүкпөгөн кыргыз сыяктуу элдердин тарыхы катарында оозеки адабиятта сакталып калган. Чыныгы элдик нукура эпос ошол өзү жаралган доордун идеалын түзгөн сюжетти, окуяларды, образдарды өз ичине камтыйт. Ошондуктан кыргыз, ошондой эле калмак-жунгар хандарынын жортуулуна учураган башка элдердин эпосторунда да эл-жерди көз карандылыктан сактоо доордун талабы, учурдун идеалы катарында белгиленет. Демек "Манас", "Эр Табылды", "Курманбек", "Алпамыш", "Кобланды" эпосторунун ортосунда өзүнүн алдына койгон идеалы, жаралган доору, түзгөн образдары жагынан болгон үндөштүк ирде ошол элдердин бирдей тарыхый учурду бирдей толкундануусуну башынан өткөрүшү турмуштук окшоштук менен мүнөздөлөт. Калмак-жунгар феодалдарынын басмачылык жортуулдарына учураган Орто Азия, казак элдеринин көпчүлүк эпосторуна тиешелүү сюжеттик-

-идеялык жалпылык -ал чыгарманын ошол мезгилдин идеалы болгон чет элдик басып алуучулардан элдин көз карандысыздыгын коргоо, күрөштүн улуттук-боштондук өтөрүлүш мүнөзүндө өтүп, ички жана сырткы душмандарга карши багытталышы, элди Табылды, Курманбек, Кобланды сыяктуу баатырлардын тегерегине топтолуп, алардын кыймыл-аракетин колдоого, биригүүгө чакыруу болуп эсептелет. Жогорку эпостордо бүт дээрлик калмак кандары биринчи болуп басып кириш, тынч жаткан элдин тынчтыгын бузат. Ал эми Таргын, Кобланды, Алпамыш, Манас, Курманбек сыяктуу элдин фантазиясында түзүлгөн каармандардын образдары эл эркиндигин коргоп, ал урушун чейрин чыккан күрөшчүлөр катарында эпостордо орун алат.

Эпостордун ортосундагы эпизоддук, сюжеттик, же жогорудагыдай идеялык үндөштүктү Н.С. Смирнова эпос жаралган шарттын окшоштугу, традициялык биримдүүлүк менен белгилейт.[1] Үрп-адаты, адабияты, коомдук түзүлүшү, традициясы, тили үндөш кыргыз, казак сыяктуу элдердин эпосторунда туруктуу окшоштуктан келип чыккан оң каармандын жарык дүйнөгө жаралышы баяндоо менен чыгарманын башталышы андан ары калмак хандарынын капыстан элин эне чабышы, анын артынан куугунга чыккан элдик баатыр менен калмак жаанын ортосундагы кескин-кескиге чыгуу, эпостук оң каармандын кырк жигитинин болушу,

1. Н.С. Смирнова " Об отношении "Алпамыша" к казахской эпической традиции" /"Об эпосе Алпамыс"/ Издательство А.Н. Узб. ССР. Ташкент, 1959 год.

анын ичи шикир келишпестиктин натыйжасында убактысынча жеңилишке учурап, артка чегиниши, же оң каармандын өлүмү, бирок окуянын аягы адилеттүүлүктүн кыянатчылыктын үстүнөн болгон жеңиши менен аякташы эпостун сюжетинин болжолдуу схемасын түзөт. Бирок мындан бардык эле эпостор үчүн жогоркудай сюжеттик линия схема катарында тартуу кылынат, деген жыйынтык~~ка~~ ~~мындан~~ чыкпайт.

Эпостон элдердин коомдук-турмуш шартынын бирдейлигинен келип чыккан үндөштүктөн башка да, анын өз өзгөчөлүгүндө туруктуу традицияга айланган көрүнүштү жолуктурабыз. Мындай традициялуулук бир эмес, бир канча эпостордун образ түзүү, сюжеттик-композициялык курулушунда, идеялык багыттарында жана көркөм сөз каражаттарында учурашы мүмкүн. Ал эми эпос өзү жараган коомдун шартына, чөйрөсүнө, же айтуучунун жеке көз карашына талантына карата толуктоолорго өзгөртүүлөргө учурагандыгына карабастан айрым доордон-доорго, айтуучудан-айтуучуга өткөн бардык эпосторго таандык традициялуу өзгөчөлүк анын башталышы, аякталышында, окуянын өнүгүшүндө, айрым эпизоддордо, көркөм сөз каражаттарында сакталышы мүмкүн. Эпостордун ортосундагы бул сыяктуу традициялуу бирдик айтуучунун талантына, жеке көз карашына карата ар түрдүү бай сюжетти берген анын жекече өзгөчөлүгүн, өз алдынчалыгын жокко чыгарбайт.

Эпостогу традициялык окшоштук баатырдын төрөлүшүн

коомдук шарт, турмуштун суроосунун талап кылышы болуп эсептелет. Окуянын "өткөн замандардын бир кылымында"[1], "мурунку өткөн заманда"[2], "эртеде кыргыз заманында"[3], "бурунгу өткөн заманда"[4], "илгери өткөн заманда"[5] делип. Көп бири лексикалык айырмачылыгына карабастан, бир эле түшүнүктүн маанисин берген, айтуучунун баяндамасы менен башталышы мындан ары сөз бир элдин өткөндөгү тарыхы, турмушу тууралуу боло тургандыгын алдын ала кабарлайт. Андан кийин бул, же тигил калктын ошол учурдагы коомдук түзүлүшү ал абалы жөнүндө кыскача түшүнүк берилет, да, ал кырдаал жарык дүйнөгө жаңыдан жаралган баланын өсүшү менен байланыштырылат. Ал эми баатырдын төрөлүшү айтуучу тарабынан салтанаттуу сүрөттөлүп, чоң көңүл бурулушу анын келечекте элдин кызыкчылыгын коргогон баатыр атанып, элдин тарыхында зор иштерди иштей тургандыгын алдын ала белгилейт. Дээрлик бардык эпосто баланын төрөлүшүн, чоңоюшун көтөрүңкү тоңдогу көркөм сөз каражаттары менен көкөлөтө сүрөттөө кыргыз элинин баатырдык эпосторунда басымдуулук кылат. Мисалы, "Курманбек" эпосунда Курманбек ойноп жүрүп ар кайсы балдар менен күрөшсө, кол учуна келгенин койбойт, он эки жашка келгенде өчөн балдарды ыйга салтайт.[6] Ал эми "Манас" эпосунда

---

1. "Курманбек" 1957, Фрунзе, 9-бет.
2. "Эр Табылды" 1957, Фрунзе, 7-бет.
3. " Эр Таргын" Алма-Ата, 1957, 7-бет.
4. "Камбар баатыр" 1957, 7-бет.
5. "Кедейкан", Фрунзе-Казань, 11-бет.
6. "Курманбек" Фрунзе,, 1957, 9-бет.

кемпирден төрөлгөн жаш баланын ал бешикте үч жарым майды жеп коюшу каармандын образынын өзгөчөлүгүн арттыруу максатында колдонулган элдик фантазиянын бай үлгүлөрүнөн болуп эсептелет. Ошондой эле эпосто каармандын сырткы турпаты, кыймыл-аракети да:

Оромолун колго алып
Орогон деди баланы,
Ороп жатса ал бала
Оң колун суурун алганы
.......................
Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы[2] —

деп, ашырмалуу сүрөттөлөт. "Эр Төштүк" эпосундагы:

Элемандын Төштүгү
Эрен чыкты, эр чыкты,
Досунан жан чыкты.
Он экиге келгенде
Канчаларды кармады[1]

сыяктуу ыр саптары элдик каармандын эрдигин, күчүн кекилете көтөрүңкү сүрөттөп, көңүлүн толтоп, окуянын мындан ары өнүгүшүн даярдоо максатында колдонулат.

---

1. "Манас" Фрунзе, 1957, 9-бет.
2. "Эр Төштүк" Кыргызмамбас, Фрунзе 1956, 16-бет.

А. Тыныбеков жогоркудай эчактан бери жашап келе жаткан эпостук традицияга "Эр Табылды" эпосунда чыгармачылык менен мамиле кылат. Бул вариант боюнча баатырдын төрөлүшү, чоңоюшу өсүшүн реалистик багытта сүрөттөлүшү менен башка эпостордон айырмаланат. Бир эле эпизод эпостун эки вариантында эки түрдүү сүрөттөлөт. Р. Дыйканбаевдин вариантында "Эр Табылды энеден түшкөндө бир колуна кан, бир колуна жин кармап түшүп, жер титиреп, тал кулайт, таш урайт...... Ыламандын Эр Табылды туулганда күн түбүндө калмак коркот, ай түбүндө алыскы душман коркот.[1]" Жогорку бир момент эки орчундуу маселени белгилейт, биринчиден, бул, же тигил эпизоддун реалистик, же апыртмалуу сүрөттөлүп калышы айтуучунун жеке өзгөчөлүгүнө да байланыштуу, экинчиден эпос шарт. эпос пайдаалдын Табылдыдай баатырдын төрөлүшүн чалап кылышы табийгый закондуулугун өзөндүгү мисалга келтирилген үзүндүдөн анык эки сабынан ачык көрүнөт

Бизге эпостун үч варианты белгилүү. Бири – Ж. Жамгырчиевдики,[2] экинчиси А. Тыныбековдуку, үчүнчүсү – Р. Дыйканбаевдики.[3] Ж. Жамгырчиевдики поэманын толук жиндуу вариантын түзбөйт. Көлөмүнө жана окуяларынын курулушуна карагаңда А. Тыныбековдун "Табылды" поэмасынын бир үзүндүсү сыяктуу болуп калган.[4] Ал эми Р. Дыйканбаевдики эпостун

1. Р. Дыйканбаев "Эр Табылды" Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 212, 73-бет. /Мындан ары Академиянын деп берилет/.
2. Академиянын фондунун материалдарынан инв. № 1263.
3. Жогорудан карагыла, инв. № 212.
4. К. Төлөев "Эр Табылды" эпосуна жазылган баш сөз, 3-бет.

жогорку варианттарына салыштырып караганда өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Биринчиден, окуянын жүрүшүндө айырмачылыктар сезилет, бул вариантта ички карама-каршылыктар орун албайт, күрөш Табылды менен Калмактын жана Чаңдар аттуу Чалмамактын ортосунда жүрөт. Табылды "... көкөлөргө кой айтып, эшендерге жай айтып, азаптарга ат айтып, бир кудайды зат айтып" согушка кирет. Кийин жарадар болуп, жараты ырбап, өлөрдө бир молдонун жардамы менен айыгат.

Жогорку варианттарга караганда А. Тыныбековдун варианты көркөмдүгү гана эмес, идеялык багыты жагынан да жогору турган көлөмдүү, толук көлдүү поэманы түзөт. Ошондуктан "Эр Табылды" эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн белгилөөдө бул вариант изилдөөнүн негизги объектиси боло алат. Албетте, ар бир вариантта азыр-көнтүр изилдөө ишине салынып коюп турган өң жакшы эпизоддор менен катар, бири экинчисин кайталабаган жекече өзгөчөлүктөр орун ал алат. Мисалы, Р. Дыйканбаевдин вариантына аңыртмадуу жоторунуң тоңдо сүрөттөө мүнөздүү болсо, бул эле тиги көрүнүштү реалистик мүнөздө ачууга аракеттенүү А. Тыныбековдун вариантынын өзгөчөлүгүн түзөт.

А. Тыныбековдун варианты боюнча баланын төрөлүшүнөн тартып эле сезиле баштаган башка эпостордо орун алгандай

---

1. "Эр Табылды", Академиянын фондунук материалдарынан, инв. 212.

эпосо баатырдын, кайраттуу эр жүрөктүүлүгүнүн белгилери байкалбайт. Табылдынын кайраттуулугу атасы өлүп, жаш калгандыгынан пайдаланып, Кудайназардын өчү болуп кетишинен кийин гана сезиле баштайт. Элдин жана өз башына түшкөн кыйынчылыктары баатырдык кыймылга түртөт. Он төрт жашка жаңыдан келген Табылды элдин түйшүгүн тартып, тың уландардан кырк жигит курайт. Аларды мылтык атуу, кылыч чабуу, найза сайууга машыктырып, жоо жарагын камдайт.

Эпосто Эрменкандын Табылдыдан мурун да Кудайназар аттуу балалуу болгондугу жөнүндө айтылат. Бирок ал жашынан шум чыгып, элдин тынчын алып, ырк бузат. Балдары менен биригип, "кырк жарагын алып, ууру кылып жол тосуп, нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө, кун бербей зордукчул[1]" чыгып жашынан баатыр аталып, калың-дай жоонун катыгын берип, эрдик менен эл сактап мезгили өтүп, карылыкта жокко суна баштаган Эрменкандын көңүлүн иренжитет. Кудайназардын кылыгын көтөрө албай чарчагандан кийин энесин колуна берип, элден куул жиберет. Ошентип, баатыр уулдун төрөлүшү элдин ички жана сырткы эки кабат кысылууга дуушар болгон мезгилине туура келет. Ошондуктан ойрот – калмак феодалдарынын басып алуучулук согушуна каршы кыргыз элинин баатырдык менен жүргүзгөн коргонуу күрөшү, кыргыз

---

1. " Эр Табылды" Кыргызмамбас, 1957, 7-бет.

коомчулугунун уруулук ички бытырандылыкты жоюп, эл болуп болуп биригүүгө аракеттенүүсү[1] "Эр Табылды" эпосунун негизги идеялык багытын түзгөн.

Ал эми кыргыз элинин баатырдык эпосторунда коргоо темасы, элдик баатырдын күрөшү идеялык жалпылыкты түзөт. Бул айрыкча "Курманбек", "Эр Табылды" эпосторунун идеялык багытын анын сюжеттик канвасын салыштырып кароодо ачык байкалат.[2] Жогорку эки эпос бири-бири менен көтөргөн идеясы, сүрөттөгөн окуялары жагынан өтө жакын. Эки эпосто тең негизги конфликт элдин тышкы душмандары-калмак феодалдарына жана ички душмандары-Тейитбек, Кудайназар, Алтыбай ж.б. сыяктуу элдин көз каранды эместигинен өз керт башынын жыргалчылыгын жогору коюп, ал үчүн чет элдик басып алуучулардын эңүлдөрү менен союздашууга өткөн феодал төбөлдөрүнүн окуялары менен керелайым элдин келечекки үмүтү, жакшы тилектери айкалышкан Курманбек, Эр Табылды сыяктуу баатырлардын ортосунда жүрөт. Эки эпостун идеялык багытынын бирдиги күрөштүк коргонуу, элдин эркиндигин сактоо мүнөзүндө өтүшү болуп эсептелет. Ошондуктан эки эпосто тең окуянын кыргыз эли баштарынан өткөрүп турган тарыхый оор учурлар менен байланышта берилиши, ички, тышкы душмандардын жок болушу, элдин ой-үмүттүн ишке ашышы менен айкалышы коргоо темасы учурдун зарылчылыгы катарында ко-

---

1. "Кыргызстандын тарыхы" том I, Кыргызмамбас, Фрунзе-1956, 260-бет.
2. Б. Таштемиров. "Кенже эпостордун элдиги жөнүндөгү маселеге карата" /Академиянын фондунун материалдарынан/, инв. № 1883, 31-бет.

төрүлгөндүгүн көрсөтөт. Бирок эки эпостун ортосундагы үндөштүккө карап, алардын өзгөчөлүгүн эстен чыгарууга болбойт. Эки эпос өзүнө гана таандык композициялык курулушу, оригиналдуу сюжет, образ түзүү ыкмалары, көркөм сөз каражаттары жана экинчисинде кайталанбаган образдары бар эки башка чыгармаларды түзөт. Эгерде "Курманбек" эпосунун башталышы кыргыз, кытайлар калмактан кордукту көп көргөн[1]" мезгил менен тикеден - тике байланышып, окуя көбүрөөк сырткы конфликттин негизинде көбүрөөк өнүксө, "Эр Табылды" эпосунда каарман окуяга катышууга чейин Ат-Башы, Нарын жердеген калаган элинин ич ара пикир келишпестиктери жөнүндө баяндала берилет. Табылдынын төрөлүшү жашаган элинде ич ара ынтымак бузулуп, бытырандылык окуя өтүп турган мезгилге туура келет. Кыргыз эли ич ара уруу-урууга бөлүнүп, ынтымак бытырандылык күч алып турган мезгилде эпосто "эл болуп биригүү" деген идея көтөрүлүп, анын эркин баатырдын кайгылуу арманы жана анын элдин ой-үмүтүнүн, тилегинин, турмушунун сөзсүз адабиятта чагылышканын көрсөтөт. Табылдынын атасы өлгөндөн баштап, окуя тикеден тике анын тегерегинде өнүгүп, анын эл, журтуу, кайгы-арманы аркылуу эпосто көтөрүлгөн идея ишке ашат. Табылдынын окуяга келиши баяндалышы да сөзсүз адабияттын традициясында белгилүү орун алган көрүнүштөн айырмаланбайт. Ал он төрт жашынан баштап эле жоо жарагын шайлап, өз тегерегине Эдилбай, Эрмек сыяктуу эр жүрөк уландардан кырк жигит курап элдин камын көрүп, анын келечеги жөнүндө тынчсызданат. Жогорку сыяктуу баатырдын өз тегерегине карапайым

1. "Курманбек", Кыргызмамбас, 1957 ж, 9-бет.

элдин уландарынан кырк жигит топтоосу эпостун традициясында басымдуу көрүнүш. Эпосто кырк жигиттин орун алышы алар менен баатырдын бирдиги – эл менен каармандын ортосундагы ажырагыс байланышты түзөт. Натыйжада кырк жигит колдогон баатыр жеңишке ээ болот. Ушул эле эпизодду "Манас" эпосунан тартып, "Курманбек" сыяктуу кенже эпосторго чейин, ал эмес, айрым жөө жомоктордон да учуратабыз. Алар чыгармада пассивдүү гана катышуучунун ролун аткарбастан, активдүү күрөшүүчүнүн ролун аткарышат. Натыйжада баатырдын жеңилиши, же жеңишинде алардын колдоосуна чоң орун берилет. Эпостук-тан кийин гана эпосту албаганда, элдин баатыр кырк жигит менен кеңешип, акыл салып, аларга оң жагын колдоосу, жардамчысы катарында мамиле кылат.

Эпостун традициясында бекем орун алып, келишкен катарында колдонулган ык – ал өзүнүн алдыга койгон максаты, умтулуусу, мүнөзү жагынан контрастык образдарды түзгөн эки типти бири-бирине карама-каршы коюу аркылуу элдик каармандын образын тереңдетип ачып көрсөтүүгө аракеттенүү болуп саналат. Натыйжада "Табылды" эпосунда да анын элдик асыл сапаттары, жоокерлик мүнөздөрү Кудайназар, Чал колмак, Алтыбайлардын карама-каршысында ачык байкалат. Эпосто ач көз, мансапкор, ызакор, ичи тар Кудайназарга көңүлүндө кири жок ак-көңүл, ары баатыр, ары Эр Табылдынын карама-каршы коюлушу анын образынын сүйкүмдүү жагын тереңдетет. Ал эми элдин өз каарманынын ар бир кыймыл-аракетинен айкөлдүк-түн белгисин көрсөтүүгө аракеттенүүсү Табылдынын атасы өлүп, балтыр эти толо элек кезинде Кудайназардын зордук көрсөтүп, жетим бала, жесир калдын мал-мүлкүнөн бөлдүрүп кетишине карабастан, атасына ал берерде көңүлүнө кир сактабай ага кабар беришинен көрүнөт. Ал эми анын:

"Чөочун кейиин чачырдык, 12.
"Чогулушка белгиче.
Чогулуп туугаң болалу
Чогоолдукту койолу[1]."

деп, өткөн-кеткенди кек кылбай, ынтымактуулукка чакырышкан элдин биригүүгө эңсеген көз карашы ачык байкалат. Эпостун башталышында эле Кудайназардын жогоруда эл тарабынан кубаттаган ой-пикирдин кыйнатчысы катарында сүрөттөлүшү окуянын андан ары өнүгүшүндө аны терс кыялын катарында ашкерелөөгө мүмкүндүк түзөт. Кудайназардын:

"Эрмекке биздин атабыз,
Эшене тынчып жатабыз.
Он дарыям калың ал,
Алда кайда атабыз.
Келеч болуп барабыз
Байгеге атты чабабыз[2].

деген сөзүнөн өз элинин намысынан ата салтынан мал-мүлктү жогору койгон өзүмчүл, дүнүйөкор адамдын элеси көз алдыга тартылат. Анын жогоркудай сөзү Кудайназардын балдары менен биригип алып, өз атасынын алдында кылган адилетсиз иштери менен бекемделет. Атасынын алдында чатак чыгарууга аракеттенип жолдон ат коуп, байгени бөлөш, көкү-бөлүштө урууларга торголон жалырынып жатып алып уруу кылышы эпосто элдин жумшак күлкү аралаш шылдың менен айкалышып ашкереленет. Алардын адамга жагымсыз иштеринин көпчүлүгө кыр салтабаган айкөл, мейманчос, март Табылдыга карама-каршы кө-

---

1. А. Тыныбеков. "Эр Табылды" 9-бет.
2. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 11-бет.

юлушу элдин симпатиясы элдик баатыр жагында экендигин көрсөтөт. Табылдынын жеңилбес эрдигин камсыз кыла турган зор күч – анын ар дайым коллектив менен акылдашып, кеңешип, иш жүргүзүүсү болуп саналат.

Анын атасына ал берерде бүткүл калаган элин жыйнап кеңеш сурашкан, ар кандай кыйынчылык учурларда алардын берген акыл-насаатын биринчи орунга коюшунан көрүнөт. Эпосто ал Табылдынын тегерегине тыгыз топтолуп, анын бардык кыймыл-аракетин жактап, ага көмөк көрсөтөт. Элдин Кудайназар жана анын балдарына карата болгон кек карашы, берген баасы карапайым элдин акылы катарында эпостон орун алып, алардын атынан сүйлөгөн сынчынын мүнөздөмөсүнөн ачык көрүнөт. Ал эми оозеки адабиятта сынчынын образы адилеттүүлүктүн символу катарында эл арасына кеңири тараган. Хандын каардуу буйругунан жалтанбай айткан адилеттүү сыны үчүн эки көзүнөн ажырап азап чекse да, алдындагы адилеттүү милдеттен баш тартпаган Толубайдын жомогу ошол күндөн ушул күнгө чейин эл оозунан түшпөй, доордон-доорго өтүп даңазаланып келе жатат. Замандын талантуу акыны А. Осмоновдун элдик уламыштын негизинде жазып чыккан "Толубай сынчы" поэмасынын сөзү менен айтканда, "Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Не билсин, ал жөнүндө жаш уландар,
Суусаган таттуу жомок ширесине
Сөз кылат тамшанышып карыялар.[1] "Эр Табылды эпосунда да сынчынын айтканынын кайрылуу менен каармандын бул, же тигил мүнөздүү өзгөчөлүгүн ачуу сыяктуу традициялуу ыкма сакталгандыгын көрөбүз. Окуянын өнүгүү процессинде сынчынын обра-

---

1. А. Осмонов. "Тандалган ырлар жана поэмалар", Кыргызмамбас, Фрунзе, 1954-жыл, 213-бет.

эн эпостон орун албайт, анын зарылчылыгы да сезилбейт. Бирок көкүстүк образ катарында гана орун алган сынчынын ар бир кыймылынан эпик искусствонун адабияттын тазалыгы, чынчылдыгы сыяктуу проблемалык маселелердин котерулген-дүгү байкалат. Натыйжада А. Тыныбековдун варианты боюнча Кудайназардын балдарын сынаткан жери эпостогу эң ома-ны эпизоддордун катарын түзген. Эпосто Кудайназар:

"Сүйүнчүге тее берем,
Сүйрү эмчектүү бее берем.
Жолдошуна ат берем,
Кечиктирбей бат берем[1]."

деп карапайым адамдын керт башына гана таандык табигый талантты мал-мүлкке сатып алууга болот деп ойлонсо, эпик кез карашта жогорку пикирдин тескериси кубатталат. Ал эпостогу сынчынын кыймылынан, анын Кудайназардын ар кандай убадаларына бал тилине эрибестен, билгенин билгендей, көргөнүн көргөндөй, таймаибастан, коркпостон, өзүнүн жана балдарынын кемчилигин таамай:

"Балдарыңды көргөндө,
Кабыргам жаман сөгүлдү.
Бычакка саптык уулуң жок,
Кайгырып жашым төгүлдү.
Жалган айтсам онбосун,
Жалпы балаң баригиң,
Жан бактыдай корүндү."[2]

---

1. "Эр Табылды", 18-бет.
2. "Эр Табылды", 20-бет.

деп, беске айтып сыналышы көрүнөт..

Жалпы эле эпостун традициясында жаман аталган тогуз уулга ары баатыр, ары акылман жалгыз уулдун образын карама карзы коюу аркылуу анын баатырлыгын, акылдуулугун даңазалоо типтүү көрүнүшкө айланган ык катарында колдонулат. Мисал, "Төштүк" эпосунда тогуз жаман аталып, келген жолун, туулуп өскөн эли-жерин билбей буттарынын чоору чокойго айланып мал артынан тентиреп кеткен Эламандын тогуз уулунун каршысында өзүнүн баатырлыгы, зээндүүлүгү менен элдин сүйүнчүлүгүнө ээ болгон жалгыз Төштүк турат. Ал эми ушул эле эпосто желмогуз кемпирдин Эламандын тогуз уулун берейин дегенине көнбөстөн, жалгыз Төштүктү талап кылышы -Төштүк сыяктуу каармандардын эл тарабынан жогору бааланышын көрсөтөт. Ал эми казак элинин "Алпамыс" эпосунда Байбөрүнүн тогуз уулу биригип, калмактын жаны Тайшиктин мизин кайтара албайт. Тайшик тогузун тең өлтүрүп кетет. Жалгыз гана Алпамыс атасынын, өз элинин намысын душманга кетирбейт. Эпосто жогоркудай көп болуп топурап, элге пайдалуу иш кыла албаган тогуз, же кырк уулга элинин эркиндиги үчүн башын өлүмгө байлоодон да кайра тартпаган ары баатыр, ары акылман жалгыз уулду карама-каршы коюу сыяктуу айтуучу тарабынан колдонулган эпикалык прием элдик каармандын образын тереңирээк түзүүгө мүмкүндүк берет. "Эр Табылды" эпосунда Кудайназардын алтымыш уулунун каршысында жалгыз Табылды турат. Анын Кудайназардын балдарынан болгон артыкчылыгы сынчынын сыны, кыймылы аркылуу ачылат. Сынчы Кудайназардын балдарын көрүп, ээсин кейиш, кабагын түйүп, бушайман болсо, алыстан бураган чаңды

ичинен суурулуп келе жаткан айдыңын алчагын көргөндө көңүлү көтөрүлөт. Эр Табылдынын керт башындагы жакшы саптар:

"Асманда айын карасам,
Айбандан башка түрү бар.
Үстүндө өөсүн карасам,
Адамдан башка сүрү бар"[1] – деп, ырчы

тарабынан таамай айтылган портреттик мүнөздөмө менен айкалышат. Ырчынын Кудайназардын алтымыш уулунун ичинен эңдин башын кармаар киши таппай Табылдыга көңүл бурушу, андан коркпостон баатардын жанбакты, эзекүр каткырыгында алкерелешкен эпостон орун алган эңдик каармандын образын дагы айкыныраак сүреттөөгө мүмкүндүк түзөт. Ал эми чоң талантуу адамдардын адилеттүү сөзү үчүн үстөмдүк кылуучу таптардын өкүлдөрү тарабынан кысымчылыкка учураган мезгилдери көп болгон. Ага хандын буйругунан адилеттүү сандын буйругун жогору койгондугу үчүн эки көздөн айрып, азап чеккен Толубай сынчы женүндөгү ар кандай варианттагы баяндамаларды эскере кетүү жетиштүү болор. Бирок ар дайым чыныгы талантуу адамдар туманду булуттан суурулуп чыккан күн шооласы сыяктуу зордук, материалдык кысымчылык өкүм сүрүп турган мезгилде да карапайым адамдардын сөзүн

---

1. "Эр Табылды", 21-бет.

сүйлөп кыйынчылыгын жактап чыккан. Турмуштагы бул сыяктуу көрүнүш ар дайым элдин оо, көз карашы менен бирге өсүп, бирге жашаган оозеки адабиятта да өз изин калтырган "Эр Табылды" эпосунда феодал төбөлдөрүнүн табигый талантты өз кызыкчылыгына баш ийдирүүгө кылган аракеттери Кудайназардын ырчыга токсон-догон төө, топтогон мал берүүгө убада кылып аны материалдык муктаждыктын тутушунда кармоого аракеттенишинен ачык көрүнөт. Ошондой эле Кудайназар элдик таланттардын кызыкчылыгына баш ийдирүү максатында күч позициясын колдонуудан да баш тартпайт. Муну мал-мүлк үчүн калп айтып, адилеттүү сындын жолунан тайып, эл алдында уятка калгандан көрө чын сөз үчүн өлүүгө даяр турган ырчынын:

"Айтсам сенден өлөрмүн,

Айтпасам сындан өлөрмүн[1]."

деген сөзүнөн көрөбүз. Бирок жаралгандан эки көзү жок туулса да турмушту тааный билген табигый талантуу ырчы Кудайназардын алдаганына, коркутканына карабастан өз сөзү менен айтканда "көзгө көрүнгөнүн, билингенин айтат, Табылдыны элдин башын бириктире турган баатыр, алымдан адам катарында сүрөттөйт. Ушул эле эпизоддо Кудайназардын балдарынын сөзгө бар, ишке жок коркоктугу терс каармандардын кыймылы менен берилет. Бадерүнчө дөөгүрсүп отурган алтымыш уул кыры жигитин сорайтып

1. "Эр Табылды", 16-бет.

сумсая бастырып келе жаткан Табылдынын караанын көргөндө калтаарып, коркуп дүрбөлөңгө түшүп, жашынарга жер таппай, калың аттын арасына барып киргөлөшөт. Кудайназардын балдарынын эри баатыры, эр алпманы "Алтыбай жүрөт бата албай,

Колунда койдой кара жал,

Көөргө жер жок кала албай.

же: "Кенжебай жүрөт жете албай,

Кекечиңне жете албай.

Кенирреп жыда тургача

Бая эле немеге жакка бет албай"[1]

Кудайназардын балдарынын бул коркунучуну традициялуу с… салыштыруулар, эпитеттер, баатырга таандык курал, жарак-тар менен жабдылган. "Болот кылыч байланып, боозум кундай айланып, алма баш мылтык асынып", "ак жолборстой ча… чамынып", "бала жолборс өндөйүп, суудана бастырып өтүшү менен эле душманга коркунуч туудурган Табылды карама-каршы коюлат.

Эзелтеден бери эле оозеки адабиятта

"Толубайдай сынчыны айт,

Токтогулдай ырчыны айт"

деп, элдин муңун муңдап ырын ырдап алардын турмушу менен бирге жашаган табигый талантуу адамдарды даңазалоо, баркытоо идеялары кеңири жайылган. Натыйжада эпосто элдин өз каарманынын тегерегине топтолушу ага берген баасы айрым талантуу адамдарга карата болгон көз карашы ар кандай учурда адилеттүү сынды биринчи орунга койгон сынчынын образын идеализациялоо менен ишке ашат.

---

1. "Эр Табылды", 28-бет.

Эпостун башынан аягына чейин Табылдынын күрөшүн колдоп, ага көмөк көрсөтүүчү, ал эми Кудайназар жана анын уулдарынын жыйык-жоруктарынын терс көрүнүш катарында аңтерелениш, анда көтөрүлгөн идеянын ачыгыраак көрүнүшүнө көмөк көрсөтөт. Мисалы, Кудайназардын өз атасынын алдында баскынчылык кылмышын ордун өкүлдөрү уруусунан кичүүсүнө чейин жактыра бербейт. Анын ал үстүндө зомбулук кылып, чатак чыгарууга кылган аракетин топ-такыр четке чыккан бузукулук катарында мүнөздөлөт. Устанын Кудайназарды "каракчы", "мал уурдаган ууру" жалаң бузукулугу үчүн ал арасынан куулган бузуку катарында бааланышы- жалаң гана бир кишинин ою эмес, алар жөнүндө бүтүндөй бир уруунун пикири болуп эсептелет. Эпосто жогоруда айтылган пикир жалгыз гана устага таандык эместиги суу алган каралайым келиндин Кудайназарды: ~~"Кудайназар~~

"Кудайназар келиптир,
Күзгүндөй бар чал деп уктук.
Эрменкандын уулу дейт,
Уулу эмес, калмак кулу дейт."

деп, "күзгүн", "калмактын кулу" деп жан алгыр тамой сөздөр менен кордолгонунан көрүнөт.

Ал эми эл тарабынан Табылдынын колдоого ээ болушу алардын бир добуштан Кудайназардын кыймыл-аракетин терс көрүнүш катарында четке кагышы менен аныкталат. Көпчүлүк менен Табылдынын ортосундагы тыгыз

---

1. "Эр Табылды", 13-бет.

данакерди түзгөн уста-карыя:

" Сен жарагың болсо жандап чык,
Жасоолду бөлүп жандап чык,
Урушар болсоң бери чык,
Уккаының ушул эми чык"[1].

деп, ал алдынан сүйлөп, аны менен кармашууга даяр тургандыгын билгизет. Эпосто Кудайназарды ал өзү жазалайт. Уста баш болгон көпчүлүк алардын өөн баштыктары үчүн маскаралап, элден кубалап жиберет. Анын Табылды менен пикир келишпестиги кандайдыр орчундуу нааразылыктан эмес, жөн эле Табылдынын баатыр аталышына, элдин башын бириктиришине ичи тарлык кылган карасанатайлыгынан келип чыгат. Аны Табылдынын өткөн-кеткенди унутуп, атасынын алдына ак ниети менен чакыргандыгына карабастан, өкүм сүйлөп, коркута кат жазышынан жана ал үстүндө опузалап чатак чыгарууга кылган аракетинен көрүүгө болот. Бирок алардын ар кандай кыймыл-аракети элдин кызыкчылыгын көздөбөстөн, алардын жеке керт башынын кызыкчылыгынан, байлык, бийлик мансапкорлуктан келип чыккандыгы эпосто ишенимдүү сүрөттөлгөн. Анын максаты Кудайназардын өз сөзү менен айтканда Табылдыны баш байгеге, энесин аякы атка сайып, бириккен элди бытыратып, Алтыбайды кан көтөрүү болуп эсептелет. Ошондуктан, эл аны адилетсиздик менен жүргүзгөн иштерине каршы чыгып, карасанатайлыгын бир добуштан ашкерелешет. Алардын адилетсиздик менен баш байгени алышында Табылды мал-мүлк, мансаптан, өз элинин, ата-

нын намысын жогору койгон баатыр катарында сүрөттө-лөт. Ал өлдөр менен Эрлектин Кудайназардын бээ бай-гени алдына ачууланышын токтотуп коюусунан жана

"Атасынын алдында
Агасы менен урушуп,
Арсыз бала экен деп,
Мал талашып жулушуп" -

деп мал мүлк үчүн алдында чатак чыгарууну намыс кылып, бээ байгени беришинен көрүнөт. Бирок Кудайназардын балдары Табылдынын бээ байгени беришин коркоктугу деп түшүнүп, колдон бүткөн алынып,

Коргосо сүйрөп барышып[1]

кордук көрсөтүүгө аракеттенет. Булардын адилетсиздиги, алсыздыгы эпосто айтуучу тарабынан:

"Ыга албай жүрүшөт,
Жыйырмасы жабылып"[2]

делип, кулкулуу сүрөттөлөт. Бул катыгындыгы үчүн Алтыбайдын жазаланышы эпосто эл тарабынан кубатталат. Ал эми Табылдынын кыймыл-аракети арымдуу иште алган элдик көз карас, элдик ой, тилек эпостогу:

"Жесир катын бар болсо,
Жетимиштен кой берди.
Жетим бала бар болсо,
Жети саан уй берди.
Эл ичинде жедейге
Эки боз бээ берди.
Эси кеткен кемпирге
Эки нарча төө берди"

---

1. "Эр Табылды",26-бет.
2. "Эр Табылды",33-бет.
3. "Эр Табылды",33-бет
4. "Эр Табылды",35-бет.

деген ыр саптарынан көрүнөт. Табылды жетимге жесирге кайрымдуу боорукерлиги үчүн эпосто жогору бааланат. Ал тарабынан анын Кудайназардын балдарынын аттар "олжолоп" алган малын тартып алып, өзүн масхаралап кубалап жиберип туура кылып катарында кубаталат.

Андан ары Кудайназардын кабарынан ачылган бери калаган урууcун басып алууга ыңгайлуу учур кадап жүргөн Чалкалмакка Табылдынын сору элиндеги белгилүү болот. Натыйжада Чалкалмактын Табылдынын жылкысын айдап кетишинен кийин негизги окуя сырткы карама-каршылыктын айланасында өнүгөт. Ал эми жылкы тие кылуу менен согуштун башталышы, ошол кездеги элдердин турмушунда минүүгө ичүүк, ичүүгө ээ болгон жылкы эле жылкы үчүн болгон күрөш оозеки адабиятта эзелтеден бери келе жаткан эң эски мотив катарында белгиленсе да, кийинки калмак-жунгар хандарынын басып алуучулук жортуулдарын өз айгагына камтыган эпостордо жылкы тийүү согуштун башталышындагы негизги себеп боло албайт.

Н. Смирнова бир катар казак эпосторунун негизги идеялык мазмунун ал элдин калмак-жунгар басып алуучуларына каршы жүргүзгөн улуттук-боштондук күрөшү түзгөндүгүн көрсөтөт. Ошол эле изилдөөчү тарабынан калмак хандары чет элдик басып алуучулардын жалпыланган образы катарында оозеки адабияттан орун алганы белгиленип[1] /69/ белгилүү даражада "Кобланды", "Курманбек", "Жаныш", "Эр Табылды" сыяктуу кыргыз элинин эпосторуна да тиешелүү.

Корутундулаганда XI-XVIII кылымдарда калмак хандарынын жортуулуна учураган Орто Азия, Казак элдеринин күрөшү көргөзүү гана мүнөздүү эмес.

Ал эми калмак хандары, феодал төбөлдөрү адилетсиз согуштун баштоочуларынан болгондугу тарыхта кандай белгиленсе, оозеки адабиятта да ошондой эле чагылыш-кан. Душмандын биринчи иретте көчмөн элдин жашоосунда-гы негизги материалдык булак болгон жашоо каражат-тарынан ажыратып, жылкыларын айдап кетип өч кандай кабарсыз, бейкут жаткан элге капыстан кол салышы чет элдик басып алуучулардын согушунун адилетсиз басмачылык мүнөзүн көрсөтө турган момент катарында оозеки адабиятта эң эски туруктуу элементти түзөт. "Эр Табылды" эпосунда да согуш жогоркудай эле шартта башталат. Калмак каны Чалкаман Табылдынын ооруп ал-тыдан айыкпагандыгынан жана кабарсыз бейкапар жаткан-дыгынан пайдаланып, түн ичинде жүз баатырын ээрчитип келип, кыбыраган жылкы эттуудан эч нерсе койбой бардыгын айдап алып кетет. Көчмөндүү жоокерчилик турмушта жашаган айылдын ал-абалы поэмада реалдуу сүрөттөлөт.

"Карыш жерге баргыдай
Жалгыз жылкы калбаптыр
Кантмекенде элди сактайсың.[1]

деп Эдилбар, Эрменттин жаны күйүп Табылдыга кайрылышы-нан ар дайым жоокерчиликте жашаган кыргыз сыяктуу көчмөндүү элдердин турмушунда жылкы, ичүүгө кымыз, жее-ге тамак гана болбостон, бир уруунун бир айылдын

---

1. "Эр Табылды", 40-бет.

өрнектүүлүгүн сактоодо баатырга учса канат, консо куйрук болгондугун көрсөтөт.

Ал эми душман айдап кеткен элинин азаттыгы үчүн элдик баатырдын жоо артынан куугунга чыгышы оозеки адабияттын традициясында туруктуу көрүнүшкө ээ. Анткени эл эпосунун көпчүлүгүндө ар кандай оор шарттарда да өз элинин намысын душманга кетирбеске даяр турган баатырлардын образы жаратылган. Эпостордогу алардын алсыз калгандыгына карабастан, башын өмүр же өлүмгө байлап, элдин намысын коргоп, жоо артынан куугунга чыгышы элдик адабияттын духуна туура келет. Жогорудагыдай элдин адеми "Эр Табылды" эпосунда Табылдынын айылда жоого барар эркектин калбагандыгына карабастан,

Жаш күчүк алыс кетсе да
Калмакка кетпей калбайын.
Кары күн келсе жүрсөм да,
Кыйналып чарчап талбайын.[1]

деп, жаш жигитине кайрат берип, чобур ат минип, өгүзгө ок жаасын артып, илгери үмүт жана тилек менен Чалкалмактын артынан куугунга чыгышы менен иш ашат.

Элдик баатыр менен калмак хандарынын ортосун-дагы жаңжал үчүн болгон күрөш казак элинин "Алпамыс", "Кобланды" сыяктуу эпосторунан да орун алат. Эгерде казак элинин жогорку эпосторунда кармаш-кармашып калмак хандары Тайшык, Аламгыр менен элдик баатыр-лар Алпамыш, Кобландынын ордосунда элдин жоого кетпес

1. "Эр Табылды", 41-бет.

малын алыралуу максатында жүрсө, ушул эле көрүнүштү "Эр Табылды" эпосунан да учуратабыз. Бирок жогорку сыяктуу баатырлардын кыймыл-аракетиндеги айрым туруктуу окшоштуктарга карап, бир элдеги же бир эпостогу түзүлгөн каармандын жеке керт башына гана таандык индивидуалдуу өзгөчөлүгүн жокко чыгарууга болбойт. Ар бир каармандын керт башында өзүнө гана тиешелүү жеке өзгөчөлүк менен катар баардык элдик каармандарга таандык жалпылык сөзсүз орун алат. Мисалы, Курманбек, Эр Табылдынын образындагы мүнөздүү жалпы өзгөчөлүк алардын чексиз баатырлыгы, ар дайым элинин көз караңды эместиги үчүн өлүмдөн да кайра ~~тарт~~ тартпастыгы болуп эсептелет. Бирок душман басып ~~кирген~~ киргенде эки баатыр эки түрдүү кабыл алат. Эгерде эпосто Курманбек элдин, өз башына, түшө турган кыйынчылыктарды алдын ала сезип, таң саарынан кароол карап тынчсызданган сезгич адам катарында сүрөттөлсө, Эр Табылды кенебеген, аңкоо адам катарында көрсөтүлөт. Ал:

Калмактын үнүн укпайсың,
Капилет жатып уктайсың [1]

сыяктуу ыр саптарынын поэмадан орун алышынан көрүнөт. Бирок каармандын кыймылындагы бул же тигил көрүнүштү терс баалаган болсок, алардын образындагы идеялдуу өзгөчөлүгүн жокко чыгарган болор элек.

---

1. "Эр Табылды", 40-бет.

Ошондой эле элдик баатырлардын атсыз калып, оор кырдаалга дуушар болушу эпостун традициясында мүнөздүү көрүнүш. "Курманбек" эпосунда душман тегерете курчап кириш келгенде атасы ат бербей коюп, Курманбек атсыз калган болсо, эр Табылды Курманбектен да оор абалда калат. Бирок элдик баатыр кандай оор шарттарга дуушар болбосун, өз өмүрүнүн, көрт башынын кызыкчылыгын элдин көз карандысы эместигине баш ийдирип, жоого каршы аттанат. Эпосто жогоркудай эпизоддордун орун алышы менен жеке адамдын кызыкчылыгын коомдун чакырыгына, элдин идеялына баш ийдирүү, ар кандай оор шарттарда да коллективдин талабын жогору коюу деген идея ишке ашат. Ал абалдын өтө оордугуна карабастан, элдин эркиндиги үчүн чобур ат минип да душман менен согушууга макул болгон Табылдынын кыймыл-аракетинен, же алдында Телторудай даана ат, жанында кырк жигиттей бел кылаар жолдошу жоктугуна карабастан, жөөдөн баш калкалап үйүндө жатып албай жылкы ичиндеги Койкүрөңдү токунуп:

"Кесири болор үйүмдүн
Баскан жоого барбаса
Кайтып эсен келермин,
Ак жолтоюм кармаса[1].

– деп, кара тоодой калмакка Курманбектин жалгыз аттанышынан көрүнөт. Ошентип, душман канчалык көп, канчалык күчтүү, кырдаалдын канчалык оордугуна карабастан, жеке көрт башынын ыңгайын жактап, үйүндө жатып алган каармандын орун алышы совети адабияттын традициясына таандык эмес. Сөзсүз, элдик каармандар душманга каршы аттанат, же жеңет, же кармашып жатып,

---

[1] "Курманбек", 104-бет.

өз уруусунун аймагынын ар намысы үчүн курман болот. Бул идеянын эл тарабынан кубатталышы эпосто Курманбек, Табылды сыяктуу баатырлардын кыймыл аракеттери аркылуу ишке ашат. Натыйжада эл өз идеалынын ой-тилегинин ~~[illegible]~~ жогорку образдарда чагылдырылгандыгы үчүн Курманбек ~~[illegible]~~ сыяктуу каармандарды жогору баалашат. Андан ары сөз Табылдынын Чалкалмак алып кеткен жылкысын кайрып ка-лышы үчүн аттанышы жөнүндө болот. Ал өз идеалында ~~[illegible]~~ кандай да болсо, өз каармандынын жеңишке ээ болушун кал-тырат. Ал үчүн өчөн тоскоолдуктарды жеңип жеңишке ээ болгон элдик каармандын образына өлбөс, житпес, ал-сере баатырдык мүнөздөмөлөрдү киргизишкен. "Эр ~~[illegible]~~ Табылды" эпосунда каармандын кыймылынын, ошону, А. Тыныбековдо реалдуулугу варианттын өзгөчөлүгүн түзөт. Мисалы, Табылдынын атсыз калган учурунда анын жеңишке ээ болушуна "эзү жаш секелек, чачы өрүмгө жете элек он төрт жашар каргадай Кардыгач - реалдуу адамдын катышуусу менен шарт түзүлөт. Каарманга жаагы жел менен кошо элдердин турмушуна жылуулугун, шаттыктын толкунун ала келген куштун ысымын берилиши эле ал образдын эл тарабынан жогору бааланышын көр-сөтүп турат. Натыйжада Кардыгач өз элинин, аймагынын көз карашы эместиги үчүн бел байлап, күрөшкө аттанган баатыр агасынын кайратына-кайрат, күчүнө-күч кошуп, жеңишке жеткендирген сүйкүмдүү баатыр кыздын образын элестетет. Өзбек, казак эпосторунда Кардыгач /түрк

элдеринин оозеки адабиятында котере жайылган аттардан/агасы менен теңгүлөш болуп, согуштарга да катышат. Бул жогорку таптын өкүлдөрүнүн аялдарды өтө төмөн баалап аларды орундуу "мамлекеттик, согуштук иштерге катышууга жараксыз" - деп, кемсинтүүгө кылган аракеттерине карабастан, оозеки адабиятта аялдардын образы эркектердики менен катар коюлат. Ал эмес, алар кезеги келген учурда акылдуулугу, уздугу жана эрдиги жагынан эркектерден да ашып түшөт. Ошентип, карапайым эл турмушту да, оозеки адабиятта эркектер менен аялдарды бирдей баалайт: Кыргыз элинин "Жаңыл мырза" эпосунда Жаңылдын Тулкуну сүйгөндүгүнө карабастан, аны кемсинтип айткан сөзү үчүн өлтүрүлүшү эл аялдарга баатыр да, жоокер адам катарында эпостон орун берилгенин көрсөтөт. Аялдарды кемсинтүү, алардын мүмкүнчүлүгүн төмөн түшүрүү мусулман элинин кесепетинен жайылган.

Академик В.В. Бартольд өзүнүн "Первоначальный ислам и женщина" аттуу макаласында Орхондук жазуулардан алгачкы түрк элдеринде аялдардын ролу жогору бааланып, коомдук иштерге чейин көтөрүлгөндүгүн ал гана эмес, согуштарга да катышкандыгын белгилейт.[1] Оозеки адабиятта Айчүрөк, Жаңыл, Каныкей, Кардыгач сыяктуу унутулгус образдардын түзүлүшү карапайым элдин аялдарга карата болгон мамилесин көрсөтүп турат.

1. Журн. "Ист Материалист" 1939-жыл № 5,6, 288-бет.

К. Жамгырчиевдин А. Тыныбековдун вариантында орун алган Кардыгачтын жоого кеткен жылкынын ичинен кырк тулпарды жол менен алаксытып алып келиши. Р. Дыйканбаевдин вариантынан кездешет. Бул эпизод А. Тыныбековдун варианты боюнча өтө ишенимдүү, өтө элестүү чыккан "Жоого кеткен тулпарды алып келем" деп үмүттөнүп, жылкы артынан жөнөгөн Кардыгачтын абалы эпосто:

"Жайытка келсе жылкы жок,
Жалпы буудан баары жок.
Жанын тогуп кардыгач
Жалдырап ыйлайт ичи чок[1].

делип айтуучу тарабынан колдонулган так баяндама менен реалдуу сүрөттөлгөн. Кардыгач сор кайгыруусу башынан өткөрүп турган мезгилде башка жерге айдалып барганын түшүнөн Арчатору "калмакты көрүп, коркуруп, быкшырып" өзүнө үйүр болгон кырк тулпарды сергитип алып келиши менен "Атты баккан ар жерде, жоого бербес тар жерде деп атты эрдин канаты катарында мүнөздөгөн элдик идея бекемделет.

Эпосто аялдарды кемсинтүү, алардын ролун төмөн түшүрүү сыяктуу терс көрүнүштөр орун албайт. Аны айрыкча Табылдынын карындашы Кардыгачка жасаган мамилесинен ачык көрөбүз.

Табылдыны:

"Билдиңер бекен кырк түйгүн,
Кыздан жардам келерин!
Каргадай болгон жеңеким,
Кардыгач менин сейрегим[1]." – деп,

---

1. "Эр Табылды" 42-бет.
2. "Эр Табылды", 47-бет.

Карлыгачты кыз деп кем баалабай, ага зор талыкчы, жар-дамчысы катарында кайрылышынын эпостон орун алышы карапайым элдин аялдарды жогору баалагандыгын белгилейт. Эпосто Табылдынын оор абалдан чыгышына эркек эмес, кыздан жардам келиши да кокустук эмес. Тескерисинче, он төрт жашар сепелек кыздын жардамына:

Кыз да болсо ушуну
Караан кылып бергенин
Калмактан кантип корколу?
Кыз да болсо жөлөгүм,
Кысылган күндө өбөгүм.[2]" – деп,

Табылды кубаттанып, "Карлыгачтай кыздар турганда жоо-го кантип алдыралы" – деп, аны дем тутушун поэмадан орун алышы карапайым элдин аялдар мойнуна жалаң гана майда чарбачылык иштер эмес, элдин эркиндигин сактоо сыяктуу олуттуу милдеттерди да жүктөгөндүгүн көрсөтөт. Поэмада көңүлдүн борборунда турган Карлыгачтын образы кыргыз элинин башка баатырдык эпосторундагы аялдардын образынан ушундай баатырдык сапатка, же чектен ашкан айрыкча өз эместиги – өзүнүн реалдуу, конкреттүү түзүлгөндүгү менен айырмаланып турат. Натыйжада Карлыгач эч кандай өзгөчөлүнгөн касиетке ээ эмес. Анда Жаңылга таандык чексиз кайраттуулук, ченемсиз баатырдык да жок. Же Каныкейге тиешелүү ото акылдуулук, колунан көөрү төгүлгөн ишмердик да байкалбайт. Же болбосо, Айчүрөк ээ болгондой сыйкырдуу касиеттүүлүк алдын ала билген сезгичтик да жок. Карлыгач өзүнүн иштеген иши, ойлогон сө

1. "Эр Табылды", 4 7 – бет.

төгөт Кардыгачтын жогоркудай баатырдык кыймылы бир тууганына болгон боордоштук гана мамилесин көрсөтпөстөн, анын өз элине болгон сүйүүсүн, камкордугун белгилейт. Ал Табылдынын аттан ажырашы, анын жеңилиши, бүтүндөй бир уруунун, аймактын тарткан азап-кордугу экендигин жакшы түшүнөт.

Кардыгачтын Чалкалмактын жылкы менен кошо Арчатору баштаган кырк тулпарды айдап кеткендигин укканда өз башына түшө турган коркунуч жөнүндө ойлонбостон, буту-бутуна тийбей, карангылай тулпарлар жем жеген жайытка жүгүрүшүнөн, каалаганы колуна тийгенде Арчаторуга ыргып минип, абасына тулпарларды эртерээк жеткирүүгө жасаган далалатынан көрөбүз.

Бул эпизоддон Табылдынын Кардыгачка кылган мамилесинен аны образы жалан гана баатыр жоокер эмес, чыныгы адамгерчиликтүү, боорукер, сүйкүмдүү каарман катарында тереңдейт. Ары баатыр, ары эр кайраттуу Табылды эрбеңдеп-сербеңдеп аттын оозун тарта албай келаткан Кардыгачты көргөндө каңырыгы түтөп, ~~көзүнө~~ көзүнө жаш алат.

"Кардыгачты көргөндө
Кыйкырып баары чуркурап.
Ат үстүнөн алууга
Ар кимиси умтулат[1]" деген элдин көз карашын, аны чагылыштырган айтуучунун баяндамасынан элдин Кардыгачка жасаган мамилеси ачык көрүнөт.

Андан кийинки окуя негизинен Табылды менен калмак ханы Чалкалмактын ортосундагы кагылышууларды - сырткы конфликтинин баяндоонун тегерегине топтолгон. Эл тарабынан кубатталган оң каарманга таандык жакшы сапаттардын Табылдынын ар бир

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды"

кыймылынан орун алышы эпосто Чалкалмактын образын кара ниет, басынчы катарында элестетүүгө мүмкүндүк түзөт. Натыйжада Чалкалмак эпосто жалгыз гана Табылдынын эмес бүткүл кыргыз элинин душманы катарында сүрөттөлөт. Эпосто анын бүткүл өмүрүн адилетсиз жоруктар менен өткөрүүсү, жылкы артынан жолдорду бастырып термелген сөз аркылуу берилет.

Оозеки адабияттын традициясында "туруктуулукту" түзгөн душмандын капыстан кол салышы, согуш алдында сөзүнүн ар бир аракетинде адилеттүүлүктүн эрежелерин сактаган баатырдын кыймылы карама-каршы коюлат. Мисалы, "Курманбек" эпосунда кыргыздын өткөн өчү, кеткен кеги, тарткан муң, азап-кордугу, муң-зары үчүн күрөшкө аттанган Курманбек калмак кандары эмес, Делеңге он эки күн ойлонууга, камданууга убакыт берген болсо, Делең хан Курманбек кабарсыз жаткан алты миң кол менен келип, түн боюнча бүтүндөй шаарды камап алат. "Эр Табылды" эпосунда Чалкалмак Табылдынын катуу ооруп айыккандыгынан, айылдын жоо жөнүндө кабары жок тынчтыкта жаткандыгынан пайдаланып, түн ичинде уурдана кирип, жылкы тие качышын өз оюнда эрдиктин белгиси катарында кубаттайт. Чалкалмактын адилетсиз кыймыл-аракети терс каармандын:

Кыргызда жылкы көп алдым,
Кытайга барып кол салдым.
Кашкайга барып кол салдым.
Казактан жылкы көп алдым
Алты шаар Кашкардан
Алтын, күмүш олжо алдым.

---

1.

Өрдөмсүгөн шыргыйга

Алда канча кол салдым.[1]

деген сөзү арийне ашкереленет. Чалкалмак артынан кубалаган куугунчунун, сайышып, атышып чыккан балбандын жоктугуна арман кылып, өзүн өтөрө чалып мактанат. Бирок эпосто Чалкалмак баатыр катарында кубатталбайт. Анын убактылуу "жеңишке" ээ болушу капилет жаткан элдин жоого каршы турууга үлгүрө албай калышынан болуп эсептелет. Анын:

"Сайышып чыккан баатыр жок,

Салышып чыккан балбан жок"[2]

деп күпүгүрөнүп, өрдөмсүнүп, арман кылып, жөн эле мактанчаактык өзгөчөлүгү Чалкалмактын:

"Капилет элди көп чаптым,

Канчалык олжо мал тарттым.

Түйгүн жаткан эл чаптым,

Тулпардан өчөн олжо алдым."[3]

деген сөзүнөн ачык көрүнөт. Эпосто Чалкалмактын өзүн-өзү баалагандай чеченде баатыр эмес, коркок, адилетсиз басмычылыгы:

Үч айдан бери оңолбойт,

Оору деп уктум өзүңдү[4].

-деп, Табылдынын ооруп кансыз жаткандыгынан пайдаланып, кордуу-га чыгышынан, [illegible]:

Жоп жаткан жылкыңды

Бөлөп алдым билдиңби.[5]

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 36-бет.
2. Жогоркудан караңыз, 36-бет.
3. Жогоркудан караңыз, 36-бет.
4. Жогоркудан караңыз, 38-бет.
5. Жогоркудан караңыз, 37-бет.

-деп, бүт айылды аттан ажыратып, андан кийин кабар беришинен көрүнөт. Чалкалмактын образындагы мактанчактык, ач көздүк терс кө көрүнүш катарында ашкереленет. Анын ач көздүгү:

Түтөк болуп кокустан
Жалгыз кулун калбасын

- деген терс каармандык сөзү:

Өзүм кайра барайын,
Өзөндүн баарын чалайын.
Өрүштө калган мал болсо,
Калтырбай айдап алайын.[3]

- деп, бирин-серин өзөндө калган мал болсо, айдап келиш үчүн кайта кайрылган кыймылы менен айкалышат. Эпосто душмандын өзүн-өзү баалагандай ченемсиз баатыр эмес , коркок, адилетсиз баскынчы экендиги Чалкалмактын :

Он айдан бери оңолбойт,
Оoу деп уктум өзүндү[2].

- деп, Табылдынын оорулугунан пайдаланып, жортуулга чыгышынан, экинчиден;

Өөн жаткан жылкыңды
Өөлеп алдым билдиңби[3].

-деп, бүт айылды аттан ажыратып, андан кийин баатырсынып кабар беришинен көрүнөт. Эпосто Чалкалмактын образындагы мактанчактык, ач көздүк терс көрүнүш катарында ашкереленет. Анын ач көздүгү:

Түтөк болуп кокустан
Жалгыз кулун калбасын.[4]

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 37-бет.
2. Жогоркудан караңыз, 38-бет.
3. Жогоркудан караңыз, 37-бет.
4. Жогоркудар караңыз, 37-бет.

деген сөзүнөн жана

Өзүм кайра барайын,
Өзөндүн баарын чалайын.
Өрүштө калган мал болсо,
Калтырбай айдап алайын.

– деп, өзөндө калган бирин-серин малды айдап келиш үчүн кайта кайрылышынан көрүнөт. Табылдынын образынан жогору кудай ээ тарабынан ашкереленген четке кагылган терс көрүнүштөр орун албайт. Тескерисинче анын ар бир кыймыл аракетинен намыскөйлүк, эр жүректүүлүк, элдин, коңулдун тынчтыгын жогору баалоо сыяктуу жакшы сапаттар көрүнөт. Мисалы, Табылды согуштун башталышында душманды босоголоп тургандыгына карабастан:

Элге кабар салбайын,
Эл жүрөгүн албайын
Калкка кабар салбайын,
Калк жүрөгүн албайын.[2]

– деп элди дүрбөлөңгө түшүрүп кабарлабастан, кырк жигити менен жоого аттанышында элдин тынчтыгын жогору баалаган камкор катарында көрүнсө согуштун жүрүшүндө ирде коңулдун ыңгайлуу жайланышы үчүн кам көргөн коңул башчысы катарында көрүнөт. Коңулду эс алууга таштап жалгыз чалгын чалып, он бир калмакты жалгыз өзү айдап келишинде Табылдынын баатырдыгы ачык байкалат.

Анын баатырдык кыймыл-аракеттерин сүрөттөөдө ырчы элдин эпосторунда эпостук каармандарды сүрөттөөчү

---

1. "Эр Табылды" , 37-бет.
2. " А. Тыныбеков "Эр Табылды" , 41-бет.

туруктуу көрүнүшкө айланган "жолборстой", "жагалмайдай" деген салыштыруулар айкалышып турат.

Табылдынын кырк жигитке акыл салышы, алардын кеңешин ой-пикирин эсепке алышы анын эл менен болгон байланышын көрсөтөт. Кырк жигитке эпосто орун берүү алардын ролун жогору баалоо кыргыз элинин баатырдык эпосунда мүнөздүү көрүнүшкө ээ. Ал эмес, эпосто баатыр тарабынан аларга кайрылып, акыл салуу сөзүнүн интонациялык курулушу колдонулган эпитет сөздөрдүн бир өңдүгү менен да окшошот. "Курманбек" эпосунда Курманбек кырк жигитке "жан жолдошум", "ак жолборсум, кырк жигитим" деп кайрылат. "Эр Табылды" эпосунда да :

"Айланайын <u>кырк досум</u>,
Кыркын бирдей жолдошум"[1]

андан ары:

"Айланайын кырк жолборс,
Кыркын бирдей жан жолдош"[2]

сыяктуу ыр саптары орун алат. Кыргыз элинин баатырдык эпосторунун басымдуу көпчүлүгүндө "ак жолборстой чамынып" деген сыяктуу эпитет сөздөр эпостогу каармандын баатырдык кыймылынын мүнөздөөдө традициялуу салыштырууга айлангандыгын көрөбүз.

Эпостон кыргыз элинин карапайым калмак элине болгон мамилеси ачык байкалат. Согуштун баштоочулары

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 41-бет.
2. Жогоркудан караңыз, 59-бет.

-баскынчылык жортуулдун ээси калмак эли эмес, калмак хандары - феодал төбөлдөрү болгон. Ошондуктан элдик болгондук кыялдын негизги багыты калмактын Эсен Дөлөн, Корун, Чалкалмак сыяктуу хандарына жана феодал төбөлдөрүнө карши багытталгандыгы Курманбек сыяктуу каармандын:

Менин өчүм кароолчук,
Эсен менен ханында![1]

деген сөзүнөн ачык көрөбүз.

"Эр Табылды" эпосунда калмак эли салгылашууга да, ар кандай аяр-сыйкырдуулукка да жөндөмдүү калк катарында бааланат. Бул Табылдынын жакын досу, акыл-кеңеш берүүчүсү ары аяр, ары акылдуу Адиярдын:

"Анда да биздей балбан бар,
Аалада кыйла жандар бар.
..........................
Калайыктын ичинде
Канча түрдүү адам бар[2].

калмак элинин жөндөмдүүлүгүн жогору баалаган мүнөздөмөсүнөн көрөбүз. Адияр Табылдынын калмак элинин мүмкүнчүлүгүн эстен чыгарып, тикеден-тике душмандын тылына кирип баруусуна каршы турат. Ал:

Калмакта эр жок дейсиңби,
Кармашып жоону алган бар.
Калмакта калың кол жатат,
Кара курттан көп жатат.[3]

---

1. Калык Акиев "Курманбек", Кыргызмамбас, Фрунзе, 20-бет.
2. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 61-бет.
3. А. Тыныбеков "Эр Табылды" 63-бет.

деген сөзүнөн ачык көрүнөт. Эпосто Элдияр, Эрмек сыяктуу каармандар Табылдынын образын тереңдетип, күчөтүп толуктап, анын ажырагыс биримдигин түзөт. Элдиярдын Табылдыдан айырмаланып турган өзгөчөлүгү анын эпосто акылдуу, аяр каарман катарында сүрөттөлүшү болуп эсептелет. Натыйжада Элдиярдын кыймыл-аракети арк арылуу эпоско магиялык түшүнүктөр киргизилген. Элдияр кеңешчи акылман катарында гана сүрөттөлбөстөн, аяр адам катарында көрсөтүлөт. Ал эми эпосто магиялык түшүнүктүн орун алышы кокустук эмес, ал адам коомунун баскычтарынан тартып жаратылыштын жашырын сырларын билүүгө, анын ар кандай түшүнүксүз закондорун үйрөнүүгө аракет кылып келишкен. Ошондуктан эпостордо элдин жаратылыштын жашыруун сырларына ээ болуу деген кыялы ~~эпо~~ эпостун каармандарынын жаан, же кар жаадырып жиберишинен токтотуп коу кыймылы менен мүнөздөлгөн. "Эр Табылды" эпосунда Элдиярдын жогоркудай "касиетке" ээ болушу ~~сыяк~~ сыяктуу эпизоддун орун алышы элдин жаратылыштын жашыруун сырларын ачууга кылган аракеттеринин бир көрүнүшү болуп эсептелет. Натыйжада Элдияр душмандар тарапка кар жаадырып, өздөрү жакка жаркыратып күн тийгизип, баскынчыларды жеңүүнү тездетет. Эпосто Элдиярдын толук түрдө жаратылыштын жашырын ачкычына ээ болушу менен элдин келечекте жаратылышты багындырууга ишенген. кыялы берилет.

---

1.

"Эр Табылды" эпосунда Чалкалмак менен Табылдынын элге кылган мамилесинин ачык сүрөттөөгө ээ болушу жогорку каармандардын образдарын толук түрдө ачууга мүмкүндүк түзөт. Ал айрыкча эпостогу согуш талаасын сүрөттөгөн эпизоддон ачык көрүнөт. Эгерде Эр Табылды жаасы менен калмакты жоого учуратып жиберген жоокерлерине кайрылып: Эрлияр, эрмек кеңгиле,

Эрдиктен ишин билгиле,
Элге кылдык кол эми
Зекетерге салгыла[1].

-деп, жоочусун элдин канын төгүүдөн бөл тартса, Чалкалмак өзүнүн колуна:

Кыргызды көрсөң кырыңар,
Кылычтап башын жулуңар.
Кырылганга карабай
Кыбыла кандай сүрүңөр[2].

-деп буйрук берет. Ал эми Чалкалмактын өз элине кылган ырайымсыз мамилеси анын:

Кайканымды атамын,
Казынды суудай чачамын.[3]

-деп, элди зордоп согушууга мажбур кылышынан ачык көрүнөт. Эпосто Чалкалмактын кыйматынын калмак эли тарабынан колдоого ээ болбостон-айкеределениши анын согушунун баскынчылык мүнөзүн ачууга мүмкүндүк түзөт. Чалкалмактын кыйматынын өз эли тарабынан колдоого ээ болбогондугу:

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 109-бет.
2. А. Тыныбеков " Эр Табылды", 77-бет.
3. Жогоркудан карагыз, 76-бет

Айдап жүрүп бул элди
Далай кырдың ханыбыз!
Ачкадан өлмөк биз болдук,
Араң турат жаныбыз.[1]

деген карыя Калтайдын сөзү менен бекемделет. Эпосто согуштун мал-мүлк олжо олмо, өз журт баласынын ынтайы үчүн багытталгандыгы Чалкалмактын үңкүргө бекинип жатып алып жети күнү удаасы менен жети жүз калмакты Табылдыга жумшап кырдырышынан ачык көрүнөт. Ал мал-мүлктү, олжо олжону жашоонун камы төгүлгөн калмак элинин өмүрүнөн жогору баалайт. Ар бир кагылышуудан кийин өлгөн жоокерлер үчүн эмес, олжонун аз түшкөндүгү үчүн каарданат. Анын жогоркудай поступкасынын калмак эли тарабынан бир добуштан айкерелениши эпостогу:

"Чалкалмак бирди кылат го,
Тамыр бизди кырат го.
Күндө жүздөн жиберип,
Табылдыга кырдырып,
Өзү жалгыз калат го"[1]

сыяктуу ыр саптарынан ачык көрүнөт.

Эпосто Табылды менен Чалкалмактын жекеме-жеке чыгып кармашуусун сүрөттөө кыргыз элинин баатырдык эпосторунда кеңири колдонулган традициялуу эпизоддордон болуп эсептелет. Мында эрдик баатырды сыпаттоо да кандайдыр бир "эреже" катары кабыл алынган көрүнүштөн

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды" [illegible]-бет.
2. А. Тыныбеков, "Эр Табылды" 114-бет.

четке чыкпайт. Эпосто Эр Табылдыга колдонулган:

Эки жакты карашып,
Эрдин тиштеп жалашып,
Ак колборсодой акырып.
Кабыландай бакырып.
Калың жоону аралап,
Каарданып кирди Табылды
"Шабдантап" уран чакырып"[1]

сыяктуу сыпаттоо кыргыз элинин дээрлик бардык баатырдык эпосторунда өзүнүн маанисин интонациялык өзгөчөлүгүн сактайт.

Табылды согуш талаасында да өзүн өктөрө чыдамкай баатыр катарында көрсөтөт. Бул анын төгүгүндөгү жарасы тоодой болгуча ат үстүнөн түшпөй душман менен кармашкандыгынан байкалат. Эпосто Табылдынын эл коргогон баатырдык карапайым элдин кызыкчылыгын сактаган адилеттүүлүгү менен айкалышат. Анын карапайым элдин өкүлдөрүнө кылган мамилес алар жөнүндөгү камкордугу эпосто:

Жетим калган баланы
Өнөрлүү кылдым, кырк жигит.
Жөрөлө келген баланы
Дөөлөттүү кылдым, кырк жигит.
Жөө жүргөн баланы
Аттуу кылдым, кырк жигит.[2]

-деген ыр саптарынан көрүнөт. Кыргыз элинин дээрлик бардык

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 48-бет.
2. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 126-бет.

баатырдык эпосторунда элдик баатырдын кырк жигитин карапайым элдин өкүлдөрүнөн куралат да, элдик баатырдын кырк жигит менен аныдалып, женешип на жүргүзүшү кубатталат. Курманбек эпосундагы:

Ажал- өлүм жетпесе,
Адам уулу жыгылбайт.
Кырк жигитим дем берип,
Кызылбай душман кырылбайт.[1]

-деген коллективдин ролун баатырдын жеке кыймылынан жогору койгон идеяны "Эр Табылды" эпосунда:

Кырк баатырым болбосо,
Жалгыз кайда барамын,
Кмсындаган калмакка
Кылычты кантип чабамын[2].

же:

Катаган элин колдолоп,
Кантип жоюн чаламын
Кабылан кыркы жок болсо,
Каргадай жалгыз баламын[3].

-деген ыр саптары толуктайт.

Кыргыз эли уруу-уруу болуп бөлүнүп, бытырандуулукка учурап турган мезгилинде бытыраган урууларды бир союзга бириктип, чет элдик басып алуучуларга каршы турушун эсее ошол учурда элдин көздөгөн максаты ойлогон

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 101 -бет.
2. Жогоркудан карагыла, 127-бет.
3. Жогоркудан карагыла, 12[illegible]-бет.

ос өзгөчөлүгү "Эр Табышты" эпосунан ачык байкалат.

Курманбек эпосу менен тарыхый шарты, көрсөткөн образдарынын, көтөрүлгөн маселелердин үндөштүгүнө карабастан, жогорку эпоско караганда "Эр Табышта" эл менен баатырдын байланышы, элдин биригүүгө умтулган аракети даана көрүнөт. Окуянын башталышындагы Табылдынын ар кандай маселелер боюнча коомчулуктун кеңешин угуусу, алар менен акылдашып иш жүргүзүүсү эпостун аягына чейин улантылат. Натыйжада Табылдынын жеңиши, же жеңилиши коллективдин бул же тигил көрүнүшкө карата болгон мамилесине байланышат. Көптү көрүп көптү билген уста-карыянын жердин шартын уруунун кырдаалын, тилдин шенемсиздигин эске алып, "азыр кайра кетиле" деген кеңешине көңүл бөлбөй, өзү сор жардар болуп, жеңилишке учурайт. Табылдынын аркы чегинишинде ички өз ара карама-каршылыктын күч алышы, уруунун бытырандуулук себепчи болот. Табышты Чалкыйыак менен урушуп жаткан мезгилде анын жоктугунан пайдаланып, башынан бийликти эңсеген кара-санатай Кудайназар баштагандар менен бирдикте элге бүлүнчүлүк түшүрүп ички ырыты бузат. Анын орун алган жеринен элди көчүрүүсү Табылдынын эл жана тил менен болгон байланышын үзөт. Эпосто жогоркудай эпизоддордун орун алышы эл менен баатырдын бирдиги, бир сөздө болуусу менен гана жеңишке жетүүгө болот деген идея көтөрүлөт. Ал эми биримдүүлүктү, ынтымактуулукту эңсеген элдик идея эпосто жетектөөчү идеядан болуп саналат.

Табылдынын оор жарадар болушун өз балдарына түшкөн оор бакытсыздык катарында кабыл алып элдин өз тагдырын элдик баатырдын кыймылы менен байланыштыргандыгын көрсөтөт. Ошондой элдин мүдөөсүн оңой кубаттаган айтуучу да Табылдынын оор жарадар болушуна терең кайгырат. Бул айтуучунун эпостогу:

Жалгыз кыргыз элинин
Кууну бошоп шалкыйып.
Жардыраган киши жок[1].

- деген баяндамасы менен бекемделет. Элдин башына түшкөн оор мүшкүлдү сүреттөөдө жамакчынын көпчө стилдин өзгөчөлүгүн мүнөздөй турган сөзөк чыгармачылыктын ар кандай жанрдык формалары колдонулган. Эненин оор кайгысын, Табылдыга карата болгон ылдуу сезимин берүүдө:

"Агарып таң атканча
Алты аркар жылдыз батканча
Алты айланып ыйладым[2]

Көөктүү таң атканча,
Жетиген жылдыз батканча
Жети айланып ыйладым.[2]

-деп кыргыз элинде кеңири белгилүү болгон элдик ырлардын колдонулушу мүнөздүү. Ал эми Кардыгачтын агасына карата болгон бир боордоштук, бир тилектештик ылдуу намылеси кыздын мүңдүү оор кайгысын муңаңдуу, армандуу үнүн элестеткен:

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 155-бет.
2. Жогоркудан карагыла, 138-бет. 139-беттер.

Конолгөлүү күн элем,
Конолгомо жеткиче
Конуп учуп кеткиче,
Конуп күндү не салдың?

Түнөлгөлүү күн элем,
Түнөлгөмө жеткиче
Түнөп учуп кеткиче
Түнөккүндү не салдың ?[1]

деп кошок формасында берилет. "Табылды өлдү" деген кабарды угуп, эл агалдарын карыган Уста бүшүйүп, жана болуп чүкчүйүп, сор жоготуусу болбоон өткөрөт.

Алтыбайдын:

"Акылы жок Эдилар
Ак желге алып келе албай,
Алты катар чопкуттан
Алтын оопок, чоң калпак
Аларын чечип ала албай[2].

- деген сөз армандуу элдин көз карашы эместигин көргөн, бир айылдын сыймыгы болгон баатырдын өмүрүнөн, анын курал-жарагын жогору койгон терс кадырлардын ач көздүгү ашкереленет.

Кадырганнын көргөн түшү жана аны Чайыкейдин жоруушунда элдин сүйлөгөн сөз, мүдөөсү толук түрдө чагылышкандыгын көрөбүз. Кадырганнын түшүн Чайыкейдин жоруушунда жаралайым элдин келечекке карата ой жүгүртүүсү берилет. Аны түш жоруудагы:

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 140-бет.
2. Жогорудан каралсын, 156-бет

"Бей бечара жетимге
Алтын күмүш зар берип
Ар түрдүү тукум мал берип,
Ак батасын алыптыр.[1]
Элдин баагы ачылып,
Эри менен дуулашыптыр.[1]

сыяктуу ыр саптарынын орун алышынан көрөбүз. Элдин тагдыры жөнүндө ой жүгүртүү бир гана каарман тарабынан айтылгандыгына карабастан, ал ар кандай зордук-зомбулук жоголуп, карапайым элдин бейпилчиликте жашоосын самаган элдин, тили, тилек билдирет. Эпосто жогоркудай эл самаган мүдөөнү ишке ашыруучу каарман Табылды болуп эсептелет. Ошондуктан анын образы карапайым элдин мүдөөсүн көздөө, жетимге тон, жесирге мал бөлүп берген кайрымдуулук сыяктуу жакшы сапаттар менен жабдылып, айрыкча, Чачыкейдин түш жоруушунан көрүнөт.

Эл эбү түгөн каармандын өмүрүн сактап калуу максатында ар түрдүү кыялданып, ар кандай ойлорду жаратышкан. Натыйжада эпостун А. Тыныбеков түзгөн варианты боюнча өлүмөн кабар алып келүүгө барган Элдиярдын өтө кыйынчылыкты жеңип дары жеткириши менен өлгөнү жаткан Табылдынын жарасы күндөн-күнгө жакшырып айыга баштайт. К. Кеңтурчиевдин варианты боюнча да Табылды Элдияр, Келдиярдын казактан кайнатма дары, кытайдан кырма кызыл дары алып келиши менен айыгат. Эпосто Табылдыны дары ичүү менен айыгып кетиши сыяктуу эпизоддордун орун алышында элдердин өмүрүн сактап калуу үчүн элдин кыялданышы коомдун кийинки баскычтарындагы ой жүгүртүүлөрдөн болуп

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 159-бет.

саналат. Р. Дыйканбаевдин вариантында Табылдынын тилеген тилеги кудай кабыл кылып, күкүктүн кабар бериши менен пайда болгон калкарлык молдонун дубасынан айыгат. Натыйжада жогорку вариантта адамдык өмүрүн сактап калуу үчүн адамдын кыялданышы дин өкүлдөрүнүн тилегине байланыштуу талкууланган.

Адамдардын ортосундагы достукту бири-бирине жардамдашуусун сүрөттөө "Эр Табылды" эпосунда өтө жакшы, так көрсөтүлгөн темалардан болуп саналат. Табылды эпосто достукту кадырлай жана баалай билген каарман катарында сүрөттөлөт. Натыйжада А. Тыныбековдун варианты боюнча Эдияр, Эрмек, Табылды үчөөнүн бири-бирине көргөн камкордугу эпостун өтө элестүү жерлеринен болуп саналат.

Жалпы эле эпостордо достук өрчүгөн темалардын катарын түзөт. Муну кыргыз элинин дээрлик бардык эпосторунан кездештирүүгө болот. Достордун бири-бирине көмөк көрсөтүп анын ишин аягына чейин колдошу, досунун кызыкчылыгы үчүн бардык кыйынчылыктан баш тартпашы элдик эпостордо традициялык көрүнүштү түзөт. "Эр Табылды" эпосунда достордун бири бирине болгон бир туугандык мамилеси эпосто эң маанилүү деталь сыпаттаган Эрмектин кейиштүүгүн жигиттер Табылдынын дем, күч алган жеринен анык көрүнөт.

"Ала көөп Табылды
Жакасынан кейвектүн
Жигиттер жатып калды эми.
Бир ай бышып болгондо
Бууга алгандай терледи.[1]

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 179-бет.

сылыктыг ыр саптарының эпосто орун алганы достуктуң тазалыгын, күчүтүлүгүн дамчыдып айтып. Элдияр Табылдының бажына түшкен сорулукту кандай да болза четтидетүүге арашеттенер. Аъды тыл сөзү чок кыйналып чыткан Табылдының көргеңдегү келген абалы эпосто:

"Эзи кеткен Элдияр
Аттан түштү кулаңып.
Бутун шилчеп баса албай,
Арай четти бургалып[1]"

-деп суреттелген. Ушул ол эпизод А. Данчырчиевтиң вариантында:

"Оң бөйрөгүн таянып,
Олкуулдап ыйлап эки дос.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солкуулдап ыйлап эки дос"

-деп, өөзели адабиятта "турлуктуу" куплеттерни түзеген ыр тургузу арнылуу бериллет. Ал эки айыдагы эдиин сор абалын жалбырып, хегени талк, чатканы ындуу эндеш болуп алсырааган Эрзенти эл коргээген баатыр, сан кара бөө хоозу айдап, буту каргаанын бутундай, ийну турнаның мойнундай кара чачы сенселип, кайгырып ыйлап белсенип, мал артында чүргээн Кардыгачты кайындуу, кадырлуу кыз кылып, четтичиликтен хала чеккен Байымбетти күндүзү атасының мойнунда, түңнүзү энесиниң мойнунда, алтынтуу шилик, болколуу чүрек болуван кеткеген эрке талтан кылып көрзетүп, Табылдының күчүне күч кошууга кылган арешетинден Элдиярдың алыдуу-алрыгы даана көрүнет. Аъды Табылдыны аътарын айлыңа алып келүүде, ирде эдиин ага кылган хамаарасын билүүге арашет-

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды" 471-бет.
2. Д. Данчырчиев, "Эр Табылды", -инв. N 20-бет. Академиянын фондулук материалдарынан.

теминиде кыдат да сезгиччик да байналат. Эдиярдын эпосто өз досуна берилген дос катарында гана эвес, оон ол соонуңда хам көрген хамнар-баатыр катарында кубатталат. Ал ажын:

"Энге эзин келбесин,
Эрегин чимчи кетпесин[1].

-деген сөзүнен көрүнет. Ал эки эдиин ага берген жогору баасы айтуучу тарабынан колдонулган:

"Устаның уулу Эдияр,
Кебелбеген кул эле.
Кең алымнан уул эле"[2].

-деген таалай суртоозде ажык кубатталат. Эдиярдын образы Табыдының образынга бир топ эдиик баатырга таандык салаттар менен толуктап турган калпы ошкостугуна карабастан, индивидуалаштырылган маадыр Табыдының жеке көрт башка гана тиззелүү эпосун баатырдын аккере кайраттуулук ага таандык эвес. Тескерисинче, Эдиярдын образынын жекече өзгечелүгүн белгилеген аарык, кыдат-сезгиччик, аккере_аныдуунун сыяктуу салаттар Табыдының образынан орун албайт. Ооскадай эле эпосто Табыдының кемчилиги катарында белгиленген ала кеедеп-оңдолук, кенебестик ажын жеке өс көрт башка гана таандык. Эдиик баатырды кенебес, оноо, аккоо катарында суреттээ кырыка элинин баатырдык эпосторунда традициялыг көрүнүшке айланганды. Ал гана эвес:

"Эрдигин бар осит мок,
Эгтеме менен ишти мок[1]".

-деген. "Эр Табыды" эпосунда Табыдыга карата колдонулган мүнеедеме өөзени адабиятта эдиик баатырдын эрдигин

1. А. Тимобеков "Эр Табыды", 206-бет.
2. Когоркудан карачы, 199-бет.
3. Когоркудан карачы, 186-бет.

элестүү көрсөтүү максатында туруктуу портреттик сыпаттоого айланып, эпостон-эпоско, доордон-доорго, укумдан-тукумга өтүп, дээрлик кыргыз элинин бардык баатырдык эпосторунда орун алат. Ал эми "ала көөдөн", "аңкоо", "эңкөө" деген термин "Манас" эпосунда Манаска жана да "Төштүк" эпосунда башкы каарманына карата басымдуу колдонулат. Ошентип, элдик баатырдын образында жалпылыкты белгилеген анын укмуштуудай эрдиги, эч кересени кенебеген ала көөдөн аңкоолугу көркөм сөз каражатында да сөздөн - сөзгө өткөн "туруктуу" ыр түрмөктөрүн түзгөн.

Эпосто ар бир учур сөзүнүн элестүү пейзаждык сүрөттөөсүнө ээ болгон. Мисалы, Табылдынын жарадынан айыгып, Эңсеген элине кайтуусунда:

"Тоо башы күлдүү күлүңдөп,
Учуна сары күн чалып,"[1]

-деген жаратылыштык элестүү пейзажы каармандын кубанычтуу сезимин мүнөздөйт.

Эдиге Табылдыга карата болгон жылуу мамилеси айрымча анын элге кайтышында айтуучу тарабынан колдонулган:

"Атчан жөөсү билинбес
Алмак- салмак чыгышып,
Айылда киши калбаптыр,
Түп көтөрө жүрүшүп.
Каралашып Калаган
Калбай кетип баратат.
Катын-бала аралаш
Чалдар кетип баратат."[2]

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 180-бет.
2. Жогорудан карагыла, 210-бет.

– деген баяндамадан ачык көрүнөт. Элдин Табылдыны кары, жашы, атчан, жөөсү дебей зор кубаныч менен тосуп алышы сыяктуу көрүнүштүн эпостон орун алышы менен алардын үдөөсүн жактап, кызыкчылыгын көздөгөн каарман эр дайым сүйгүнчүлүккө ээ деген идея ишке ашат. Кудайназар, Алтыбайлар:

Жетимди малга ээ кылбай
Жергеси менен жумшадык
Короодон айдап койду алып,
Кулданып жедей бойду алып[1]

Кысымчылык көрсөткөндүгү үчүн элдин жек көрүүсүнө эпосто алардын кайкор-ырайымсыз жүзүн ачууда эл арасында кеңири белгилүү болгон.

"Калкынын канын көп соргон,
Хан да болсо оң болбойт.
Элинин ыркын кетирген,
Эч кайда барып чоң болбойт.[2]"

сыяктуу санат, насият ырларынын үлгүлөрү колдонулат. Табылдынын речинде:

"Тулпардан өсүп ат чыкпайт,
Тууғандан өсүп жат чыкпайт.
Туура кызмат кылбаса,
Тууған да болсо дарт чыкпайт.,
Ынтымак болбой-жол болбойт,
Ырыстуу дагы кор болбойт.[3]"

ондуу санат, насияттын кеңири орун алышы анын образынан элдик кыялда жаралып, элдин акыл – ой менен бирдикте

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 222-бет.
2. Жогоркудан карагыз, 224-бет
3. Жогоркудан карагыз, 223-бет.

жашагандыгын көрсөтөт. Табылдыдай баатырдын [illegible] менен бирдикте калкы анын ар дайым көпчүлүктүн күчүн жогору коюп алар менен акылдашып, кеңешин иш жүргүзгөн кыймылы менен акталат.

А. Тыныбековдун варианты боюнча окуя Табылдынын айыгып аман-эсен элине кайтышы менен аяктабастан, анын Чалкалмакка каршы экинчи жолу согушууга аттанышы менен уланып жатат. Натыйжада кыргыз элинин башка эпосторуна караганда "Табылдыда" окуянын бүтүшү өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Жалпы эле эпостун традициясында оң каармандын, оң күчтүн жеңиши жана кара күчтөрдүн жок болуп талкаланышы менен окуянын аяктоосу мүнөздүү болсо, мында онол терс каармандардын жок болушу бир топ приключение менен өтөт. Табылды мойнуна куруп салып, бүркүрап ыйлап, жер жебирин безеп, алдына тизе бүгүп келген Кудайназардын бардык күнөөсүн кечет. Натыйжада көпчүлүк убактарга чейин Алтыбай тактыдан түшпөй эл башкарат.

Эпосто андан ары окуя Табылдынын экинчи жолу Чалкалмакка каршы согушууга аттанышы, анын Торкобекти алыш үчүн кылган аракети мүнөздөөгө арналат. Бирок эл арасында жашаган эпостун алгачкы нускасында Табылдынын Торкобекке ашык болушу сыяктуу эпизоддор орун албагандай сезилет. Натыйжада элдин ой-кыялынын өсүшүнө байланыштуу эпоско кийин киргизилген кошумчаларданбы деген ой туулат. Г. Самарин поэманын акыркы бөлүмү кийин киргизилген кошумчалардан болуу керек деп божомолдойт.

Бирок анын "В заключительном разделе поэмы, где рассказывается об окончательной победе Табылды над Чалкалмаком и его женитьбе на его дочери повествуется о примирении героя с его родичами Кудайназаром и Алтыбаем" -деп поэманын аякталышын эзүүчү менен эзилүүчү таптын карама-каршылыгына алып барып таңуулаган пикирине кошулууга болбойт. Эпосто жогоркудай эпизоддун кирип кетишинде Г. Самарин көрсөткөндөй таптык карама -каршылыкты жараштырууга аракет кылган феодал төбөлдөрүнүн таасири сезилбейт. Жалпы эпостун композициялык түзүлүшүндө айрым традицияга айланган. көрүнүштүн "Эр Табылдыда" сакталбашы, окуя бүтө турган учурунда аяктабастан андан ары уланышы жана да кыргыз элинин башка эпосторунда анчалык өнүкпөгөн эки элдин бири-биринен кыз алып тууганданышуусу сыяктуу маселелердин көтөрүлүшү эпостун өзгөчөлүгүн белгилейт.

Ж. Жамгырчиевдин варианты боюнча Табылдынын экинчи жолу Чалкалмак менен урушуусу орун албайт. Эпос Кудайназардын Табылдыйны өлтүрүшү менен аяктайт. Р. Дыйканбаевдин вариантынан Табылдынын калмактар менен экинчи жолу урушуусу орун алганы менен Чалкалмактын кызы Торкөбөк эскерилбейт. Ал эми эпостун башка эки вариантында поэманын бул бөлүмүнүн орун албагандыгы эпостун акыркы бөлүмү кийин чыгып, эпостун сюжеттик өзөгүнө сиңип кете алган эмес деген тыянакка алып келет.

Коом өзгөргөн сайын айтуучунун бул же тигил көрүнүшкө карата мамилесинин өзгөрүп тура тургандыгы

---

1. Г. Самарин, 444-бет.

бешпилүү. Демек, кошумчалардан деп кароого толук мүмкүнчүлүк бар. Анткени жанаша жашаган элдердин өмүр бою алышып, чабышып коркунучта, кастыкта жашоосун эл каалаган эмес. Ошондуктан эки элдин өткөн-кеткен кегин унутуп, кыз алып, кыз беришип, жайлоону бирге жайлап, малы бирге жайылып ынтымактуулукта, тынчтыкта жашоосун кубаттаган идеянын эпостон орун алышына жол берилген. Натыйжада Табылдынын ар бир кыймыл-аракети жогорку идеяны кубаттоо, аны күчүнө алдырууга багытталган. Анын экинчи жолу Чалкалмакка каршы урушууга аттанышында да эч кандай адилетсиздик, баскынчылыктын издери сезилбейт. Табылдыны кыргыз элинин кошпсуудугун биротоло камсыз кылуу жогоркудай поступкага түртөт.

Аны Табылдынын: Калмак, кыргыз бир кошуп,
Калк болуудан кечпе де
.......................
Өткөн ишти ташта де,
Өрнөктү журушка башта де[1].

—деп, элчиге айткан сөзүнөн ачык көрөбүз. Бирок Чалкалмак жоопко баштап тынчтыкка кол сунган Табылдынын сунушун оройлук, адилетсиздик менен четке кагат. Эзелтен бери эл арасында ыйык саналган жолун эрежени бузуп, элчиге кол көтөрөт. Анын адилетсиздигин Кудайназардын:

Эрксиз карап тургудай
Бизди да чаап алдыңбы?

---

1. А. Тынымбеков "Эр Табылды", 242-бет.

Зейп, жанчып ургудай

Эр өлтүрүп салдыбы?[1].

деген сөзүнөн жана элчини албай сабатып, буту-колун сындырып зынданга салдырганынан көрүнөт. Аны тереңирээк ойлонуп, элинин коопсуздугун эске албастан, элчиге кордук көрсөтүп, ал абалды курчутууда өз кызы Торкобек тарабынан:

"Жамын менен жаныштар

Калктын камын жебейсиң"[2]

-деп, тамдай ашкереленген. Эпосто Табылдынын кыйкыл-арамдыгын адилеттүүлүгү атасынын кыргыз элине жасаган адилетсиз мамилесин тайманбастан тамдай бетине айткан Торкобектин

"Табылды бала когунда

Далай элди чаптылар"

деген сөзүнөн ачык көрүнөт. Натыйжада өз көрт башынын ыңгайын элдин кызыкчылыгынан жогору койгон Чалкалмага калмак элинин тынчтыгы, коопсуздугу үчүн өз эркиндигин да жарп кылууга даяр турган акылдуу, ары баатыр Торкобектин образынын карама - каршы коюлушу төрө каарманын терс жактарын тереңдетип ачууга мүмкүндүк түзөт. Торкобектин ар кандай феодалдык салт-сананы четке кагып кыргыз менен калмак элинин тынчтыкта жашап

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды" 233-бет.
2. Жогорудан караңыз, 239-бет.

калыңы үчүн бир гана өзү себепчи боло турган болсо, Табылдыга барууга даяр экендигин билгизип:

Элге бүлүк түшүрбөй

Эрегишип өзүм барсам -деп, энеси аркылуу атасына айттырышында жеке өзүнүн ыргайын көздөгөн пайда жана максат жок. Тескерисинче, анын бардык аракети элдин тынчтыгын камсыз кылууга багытталган. Аны эпостогу:

Баланын байкап эрдигин,
Баатыр болсо ыргайын;
Анча-мынча жан болсо,
Акылын өзүм табайын.
Айла кылып өлтүрүп,
Айылды аман багайын[1].

деген ыр саптарынан көрөбүз. Бирок Төркөбектин оюна атасы карыш болот. Чалкалмак менен кемпиринин ортосундагы талаш-тартышты сүрөттөөдө эпосто үй-бүлөөчүлүккө карата бири-бири карама-каршы турган эки түрдүү көз караштын орун алгандыгы байкалат. Эзелтен бери ата-бабанын сөөгүнө сиңип, эскилүү адатка айланган калың алып кыз берүү сыяктуу терс көрүнүштөр Чалкалмак тарабынан кубатталат. Анын эски адатын тикеден-тике жактоочусу экендиги:

Кудалашкан кыз берген
Кайсы наркта бар экен[1]

деген сөзүнөн көрүнөт. Экинчиден жаңы гана бал багып муун ала элек калың алып, калың берүү сыяктуу тескери көрүнүштөргө каршы чыгуу, тескерисинче жаштардын ортосундагы бар тилектештикти кубаттоо сыяктуу көз караш

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 261-бет
2. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 266-бет.

Торообек жана анын энеси тарабынан колдоого ээ болот.

Кыздын энеси:

Мен калыңды көп жейм деп,
Беренин малга кызыкпа
Каргадай жалгыз кызымдан
Калың жеп тойбойт кардыңыз.[1]

деп, тикеден - тике Чалкалмактын оюна макул эместигин билгизет.

Ал эми жаштардын өз көңүлү менен баш кошуу, эзелдүү адатка айланган терс көрүнүштөргө каршы чыгуу эча эчактан бери оозеки адабиятта негизги орун алган көрүнүш. Мисалы, Айчүрөк Семетейди издеп чыгып, өз көңүлү менен каа каалап баш кошот. "Тоштук" эпосунда Тоштук менен Гүлайым дын, "Кожожаш" эпосунда Кожожаш менен Зулайканын үйлөнүшү тең укуктуулукту сактаган үй-бүлөнүн үлгүсү боло алат. Кыргыз элинин дээрлик бардык эпосторунда мал-мүлккө негизделген үй-бүлөчүлүк кубатталбайт. Тескерисинче Зулайканын байбичелердин сунушун четке кагып, кийиктин терисинен чарык тагынып, сырткы көрүнүшү менен эч кимди суктандырбаган мерген - Кожожашты жактырышы, Гүлайымдын атасынын каарынан коркпостон, ыймыркабаган таз Тоштукту жар тандашы эпосто зор ынтаа менен сүрөттөлөт. "Курманбек" эпосунда поэманын башкы каарманы Курманбек "айылдан жактырып кыз алсын" деген атасынын сөзүнө:

"Аздык кылса калыңы
Алымынча мал жок деп.
Ар кимсе элди кыдырсам,

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", [illegible] [illegible]66-бет.

Атаңда абийир калабы?[1]

-деп, ынтымак-сырын көзкарашын билдирет. Демек эпостун он колундагы ар дайым элдин алдынкы көз карашы, ой-тилегин чагылдырат. Ошондуктан доордун идеалы элдик баатырдын ой, ниети, көз караш аркылуу ишке ашат. Чалкалмак бардык турмату иш-аракети менен элдин көз караштын кыйнакчысы катарында сүрөттөлөт. Натыйжада Торкобектин айтканына көнбөй Табылдыга каршы чыгып, калмак элин булгунчулукке түшүрөт. Торкобектин атасынын Табылды тарабынан өлтүрүлгөндүгүн биле туруп, бардык жеке сезимди и четке кагып, Табылды менен катыш сөзгө келиши өз элинин эркиндигин, тынчтыгын көздөгөндүгү эпостогу:

Торкобек кеткен жол чалып,
Токтотом деп мен барып.
Элимди бөөдө кырдырбай

же:

Арбыңды угуп сынатып,
Айлыңды бүлүк кылбатып.[2]

Сындуу ыр саптарынан көрүнөт. Кыздын жөлөгүн сөзүнө кыйгылып, калмак элин булгунчулукке түшүргөн урушту дароо токтотушунда, же:

Кара аламан калың журт,
Каттоосун ойноп жүрсө деп.
Каргаша болуп кырылбай,
Калк тукуму өссө деп.

---

2. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 283-бет.
1. К. Акиев "Курманбек" 55-бет.

Арслан жайлап бир конуп,
Айылдын баары бир болуп.
Жанада кыштап бир конуп,
Жайыты малдын бир болуп.
Жамаалаш айыл консун деп,
Жарашып тууган болсун деп[1].

деген Табылдынын сөзүнөн уруштун максатын даана көрүүгө болот.

Эпосто Табылдынын экинчи жолку согуш жортуулунда да мал-мүлк жыйноо, кыз тартып алуу сыяктуу баскынчылык мүнөздөгү көрүнүштөр орун албайт. Поэманын элдик кыймыл-чысы ички-сырткы душмандардын жок болушу менен аныкталып элдик эпосторго таандык традицияны түзөт. Бирок окуянын бүтүшүнө чейин бири-бирине карама-каршы келген көрүнүштөрдүн орун алышы, эпостун жортуулду бөлүгүнүн советтик линияга көтөрө сиңип кете албагандыгы бул бөлүм кийин киргизилген кошумчалардан болуу керек деген пикирге алып келет. Анткени кошудун өзгөрүшү менен бул, же, тигил көрүнүшкө карата элдин көз карашы да өзгөрүп турган. Мисалы, Табылдынын экинчи жолу калмактар менен болгон кагылышуусуна негизги себеп кыргыз элинин жазыксыз төгүлгөн каны, өчкөн өмүрү, өткөн-кеткендеги азап-кордугу болуп эсептелет. Ал эми өткөндүн күнүн кууп согуш ачуу эпосто терс көрүнүш катары бааланат. Мисалы, "Курманбек" эпосунда "Эр Табылды" эпосундагыдай душманды тикеден-тике болгон кагылышуусу сезилбейт. Аны Курманбектин:

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 274 -бет.

Өксүгөн элдин айынан
Ошол өткөн күнгө мен кана
Калмактын кылган кордугу
Кечүүлүгү кейитти.[1]

деген сөзүнөн көрүнөт. Табылды да ушул эле максатта Чалкалмакты көздөй жөнөөгө элине акыл салат. Жогоркудай белгиленген бери кубатталган традициянын көрүнүшү эпосто кагы- кармашпастан эки элдин кыз алып, кыз берип, тынчтыкта жашоо жакшы деген идея менен толукталат. Натыйжада Табы- Табылдынын экинчи жортуулу айрыкча эки элдин коопсуздугун камсыз кылуу максатына негизделген. Бирок эпосто Табылдынын жогоркудай оюнан кайра тартып, Кудайназардын "Чалкалмактын кызын алып берейин" дегенине макул болуп жөнөп калышы сыяктуу эпизоддор анын кыйынында пай- дайыр эки жактуулуктун орун алышын белгилейт. Натыйжада Табылдынын жоого карай аттанышы биринчи жагынан кыргыз элинин өткөндөгү муң-зары, азап-кордугу үчүн өч алуу- га багытталса, экинчиден экинчи жолу согуштун чыгышына Торкобек себепчи болгондой көрүнөт. Бирок окуянын өнүгү- шүндө биринчи, экинчи мотив да кубатталбайт. Анткени - Торкобекке эпосто Табылды эмес, Эрдияр үйлөнөт. Ошондой эле Табылдынын ар кыйынынан анын эки элдин туугандашуусун, ынтымакта жашоону кубаттагандыгы сезилет. Демек, бир эле эпизоддун карама-каршылыкта талкууланышы анын эпостун сюжетине өзүнө кетирип сиңип кете албаган ко- шумчалардан экендигин көрсөтөт.

---

1. К. Акиев "Курманбек", 12-бет.

Эпосто Табылдынын эл душмандары менен болгон мамилесинде да эки жактуулук орун алат. Ал анын өзүнүн карасанатай иштери, элге көрсөткөн зомбулугу менен элдин жек көрүүсүнө ээ болгон. Кудайназар, Алтыбай сыяктууларга жасаган мамилесинен көрүнөт. Табылды көпчүлүк учурда алардын жан талашып ак ниеттүү адам катары көрүнүүгө жылган жалган аракеттерине ишенет. Мисалы, Анын айыгып айлына кайтышында душмандын жазаланышын эл өз кыялдарында калтырышса да, Табылды куу байталын минип, куйтуңдап өчөн сөздүн башын чалып жете келген Кудайназардын сөзүнө орип, өткөн-кеткен кегин унутуп, ал эмес, байлыкты да алардын колуна калтырат. Ал эми Кудайназар, Алтыбайлар эл тарабынан жазаланууга толук татыктуу. Анткени алар өз элине, өз жерине чыккынчылык кылды. Табылды соруп, калганынан пайдаланып, Чалкалманга кабар берип, элди зор бүлгүнчүлүккө түшүрдү. Ошондой эле Табылды жокто элди ич ара бытыранды анын чечилишине себепчи болду. Бирок Табылдынын айыгып элине кайтышында алардын жогоркудай чыккынчылык иштери жазасыз калат. Ал эми эл атынан сүйлөгөн уста карыя алардын жолун карып бээни, жергеден сууну жыдыр тартып алып, жетим-жесирге жасаган зомбулугу үчүн жазаланышын талап кылат. Анын устанын:

Кудайназар канбаштын
Сакалын бирден терели!
Алтыбайдын жазасын
Аябай колгон берели.[1]

---

1. А, Токомбаев, "Эр Табылды" 222-бет.

деген сөзүнөн көрөбүз. Бирок Табылды :

Каары болбой кан болбойт,
Кайгы болбой хан болбойт[1]

-деп, алардын жогоркудай адилетсиз иштерин кандайдыр бир закондуу көрүнүштөй кабыл алат. Элдин Табылдыны жогоркудай кыймылын өз көңүлүндө унча бербегендиги эпостогу Элдияр баштаган төрт жигиттин туугандын кыйбай, элдин көрдөгөн бузукуларды жазага тартып койду деп таарынышы сыяктуу эпизоддордон ачык көрүнөт. Ошентип эпосто бирде Табылдынын кемчилиги тайманбас, бетке айткан Элдияр тарабынан:

"Калмактын кызын алам деп,
Кара тоону үй кылдың
Кармашып жүргөн абаңды
Кастардуу минтип бай кылдың"[2]

-деп, тамсил ашкерелесе, бирде Табылды Кудайназар, Алтыбайлардын элге көрсөткөн залымын унутуп калган жери жок. Ал Чалкалмак менен болуп турган өлүмчү кагылышууну эске алып, ошого курал катарында пайдаланууга салтап жүргөн. деп, Табылдынын кыймылын актоого аракет тонуу байкалат. Поэма элдин душмандарынын жазаланышы Кудайназар, Алтыбайдын Чалкалмак колдуу болуп өлүшү менен аяктайт.

Натыйжада Табылдынын элдин чыккынчыларына

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды" 228-бет.
2. А. Тыныбеков, "Эр Табылды" , 263-бет.

болгон мамилеси күңүрт тартып, ачылбай калган. Анткени – өгөйдө Кудайназар, Алтыбайлар Чалкалмак колдуу болуп өлбөгөндө кандай болмок деген суроо туулат. Алардын душман колдуу болуп өлүшү эпостун мазмунун өзөгүндө даярдалбастан, кандайдыр кокустук катарында көрүнөт. Эпостун чет элдик басып алуучулар менен кыргыз элинин ортосундагы карама-каршылыктын баяндоо менен башталып, эки элдин тынчтыкта жашап калышы менен аякташы – коңшулаш элдердин тынчтыкта жашашы деген элдик идеяны кубаттагандыгын көрсөтөт.

Эпосто Эшнияр менен Эрмектин образы Табылдынын толуктап турат. Үчөөнүн образындагы алардын өз элин, өз жерин берилип сүйгөндүгү, элдин көз каранды эместиги үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшү сыяктуу жалпылык алардын ар биринин жеке керт башына гана тиешелүү индивидуалдуу өзгөчөлүгүн жокко чыгарбайт. Мисалы, ээбегейсиз баатырдык, каармандык, ала көөдөн, аңкоолук Табылдынын образынын өзгөчөлүгүн түзөт. Ал эми Эшниярдын образы элдик адабиятта түзүлгөн образдардан бардык кыймыл-аракетинин, ойлогон оюнун туруктуулук реалдуу адамга өтө жакындыгы менен айырмаланат. Өтө акылдуулук, аярлык, жан аябаган туруктуу дос сыяктуу жакшы сапаттар Эшниярдын образынын күчтүү жагын түзөт. Ал ошону менен бирге Табылдынын оң жагын акыл, кеңешин кунт коюп, чоң ынтызар менен угат. Табылды өз күчүн ашыра баалап

даңктап кеткен учурда анын кемчилигин тайманбастан бетине айтат. Эпосто Эдияр эч бир каарманга таандык эмес касиетке ээ болушу менен өзгөчөлөнөт. Кара талды дубалап, душмандын территориясына кара жамгыр жаан жаадырып, Табылдынын кетип чыгышына шарт түзөт. Ал эми эл эзелтен бери эле табийгаттын "жамгыруун" сырларын өздөштүрүүгө аракет кылып келишкен. Ошондуктан күндү жаадырып, жаадырбай коюу адамдын кыймыл-аракетине байланышса деп кылданат. Ушундай оор жана ардактуу ишти элдин Эдиярга ишенишинин эпосто орун алышы анын образына элдин сүйүмчүлүк менен кылган мамилесин көрсөтүп турат.

Ал эми Табылдынын жарадар болушунда Эдияр аяр, ~~акылду~~ акылдуу адам гана эмес, досту берилип сүйгөн чыныгы камкор жолдош катарында көрүнөт. Алтыбайдын колтоосу менен үбөгүнүдө Табылдыга келе албай "өлүп калбасын" деген ой менен кетип бара жаткан Эдияр эпосто:

Ар кайсыны бир санап,
Ат үстүндө ыкчамдап,
Кертабылгы күлүккө
Камчы басып жүгүртүп.
Кезип калган буудайды
Кырдалдуу жерге жүгүртүп[1].

дешип сүрөттөлөт.

Эпосто Эдиярдын образы Табылдыдан кийинки борбордук каармандын катарын түзөт. Натыйжада анын

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 170-бет.

жеке керт башына турмушта жогору бааланууучу сапаттардын бардыгы деерлик топтоштурулган. Андан чектен ашкан акылдуулук элин-жерин берилип сүйгөндүк, жолдошуна карата болгон чоң камкордук, кысталыш жерде кыйынчылыктан амал тапкан зор айлдык ж.б. сапаттарды көрөбүз. Ал эми эпосто өз касиетине, өз өзгөчөлүгүнө ээ образдын бири Эрмектики болуп саналат. Эрмектин образы Элдиярдыкындай толук ~~[illegible]~~ түзүлгөн эмес. Бирок эпосто Табылды Эрмекти Элдияр менен барабар көрүп, ага жакын досторундай эле мамиле кылат. Ал эрдиги жагынан Табылдыдан кем калбайт. "Манастап" ураан чакырып, душмандардын жүрөгүнүн үшүн алып, согушта Табылдыга көмөкчү болот. Калыстан колгон түшүп, Кудайназар, Алтыбайлардын кордугун көрүп, азаптуу күн өткөргөн мезгилде баатырдык кайраты мокоп башын жерге салып, мөгдүрөп душманга баш ийип бербейт.

Эпосто экинчи катардагы образдарды терс каармандар түзөт. Алардын бардык кыймыл-аракеттери, мүнөздөрүнүн орчундуу белгилери эпостун идеялык багытын ачууда айтылгандыктан, ал образдар жөнүндө кыскача гана айтып өтөбүз. Поэмада айрыкча Кудайназардын образы өтө жакшы түзүлгөн. Ал Чалкалмакка караганда өтө коркунучтуу душман. Анткени алдына койгон максатына күч эмес куулук, митайымдык менен жетет. Кудайназар ошондой эле жокту бардай, барды жоктой сүйлөп, жан эритип, көңүл сергиткен сөздүн устасы болуп саналат. Ошондуктан көпчүлүк мезгилде анын кара ниет кыйык-жоруктары жан эриткен чечен сөздөргө кошулуп, билинбей да калат. Кудайназардын ары чыкчыл, ары калыс

сынчы:

Тилинде балың бар экен,
Көзүңдө каарың бар экен.
Сөзүңдө заарың бар экен.
Бал тилиңди салганда
Талга болсо эриткен
Таңдайда соолуң бар экен.[1] —деп, мүнөздөйт.

Сынчы Кудайназарды биринчи жолуктурушунда эле аны адамга жакшылык ойлобогон, тили заардуу, көзү каардуу, кара ниет адам катарында мүнөздөйт. Натыйжада терс каармандын портреттик сыпаты да анын ички "дүйнөсүн" кулк-мүнөзүн толугу менен ачыктайт. Кудайназардын ички дүйнөсү жамандыктан башканы ойлобогон, жүргөн жери чуулу, куйту, каардуу адамды белгилесе, анын сырткы портретин түзүүдө төмөнкү колдонулган "кузгундай көзү кызарып" сыяктуу салыштыруулар, же болбосо:

Кулагы типтик учуштуу
Мингени аты карасаң
Куу байталы бар экен,
Кутургандай көзү бар,
Кубулжуган сөзү бар[2].

сыяктуу автордук мүнөздөмө каармандын кулк-мүнөзүн толук ачууга мүмкүндүк түзөт.

Эпосто Алтыбай өзүнүн ойлогон ой, жүрүш-турушу, кулк

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 21-бет.
2. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 13-бет.

мүнөзү, жада калса, сырткы көрүнүшү менен да Кудайназардын карамасында турат. Анткени Кудайназар өз болгондой жыла сөздүүлүк, ашкан чечендик сыяктуу "касиеттер" ага таандык эмес. Тескерисинче, ал көөдөн, акылы тайыз, алпоос, кейрең адам катарында сыпаттын мүнөздөмөсү анын образынын өзгөчөлүгүн түзөт. Кудайназар өзүнүн терс кылык-жоруктарын көпчүлүк учурда жаап жашырууга аракеттенет. Мисалы, Табылдынын жарааттынан айыгып, элине кайтышында Кудайназар ага көрсөткөн жамандыгын жабып-чууп, бардык аракети эдин, Табылдынын үй-бүлөөсүнүн кызыкчылыгы үчүн багытталгандай көрүнүп, алчылактап, бирде жашын төгүп, бирде жалынып, акталышынан анын эки жүздүүлүгү толугу менен ашкереленет. Бирок ал канчалык аракеттенсе да, өзүнүн элге карата кара ниет иштерин жаап жашыра албайт. Эдиги жыйырма кайнап, Алтыбай, Кудайназардын жазаланышын Табылдыдан талап кылат. Бирок өз элине жамандык кылган адам башка элде да жек көрүмчү деген идея Кудайназардын Чалкалмакка элчи болуп барып, душман колдуу болуп өлүшү менен кубатталат. Натыйжада өз элине өмүр бою чыккынчылык кылган Кудайназар Чалкалмак тарабынан да жийиркенүүгө ээ болот. Аны өлтүрөрдөгү Чалкалмактын:

Кудайназар сенсиңби?
Куу байтал минип келдиңби?
Куунап жаман элиңди,
Курутайын дедиңби?[1] – деп, анын сөзүнө ишен-

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 248-бет.

бестен, эмчекке салынган көрүнөт. Экинчи эпосто элдин ички душмандарынын тагдыры алардын душман колдуу болуп өлүшү менен чечилет. Натыйжада алардын өлүп жок болушу - болгондо да Табылды тарабынан эмес, өздөрү жол тартып, жөнөк көрсөткөн сырткы душмандар колдуу болуп өлүшү менен өз элине чыккынчылык кылган адам жалпы элдин жек көрүүсүнө ээ деген идея ишке ашат.

Табылдынын кырк жигит курашы эпосто традициялык көрүнүш болгон сыяктуу эле, Чалкамандын жылкы тийиши Табылдынын атсыз калышы сыяктуу деталдар да эпосто мурунтан келе жаткан эски жөрөө. Бирок жогорку эпизод "Эр Табылды" эпосунда жаңы трактовкага ээ болгондой. Эгерде атсыз калган баатыр көпчүлүк эпостордо айылда калган койчу минген начар атка минип, душмандын артынан кубалап барып, же колго түшүп, же жетип кайтчу болсо, бул эпосто Табылды жем жеген жерин эсен, кырк тулпарды баштай ала чыккан Арча тору менен он төрт жашар Кардыгачтын жардамдашуусу менен жоголгон аты колуна тиет. Ошондой эле кыргыз элинин дээрлик бардык баатырдык эпосторунда учураган элдик баатыр менен калмак кызын жеңеме-жеңеге чыгуусу сыяктуу традициялык окшоштукту "Эр Табылды" эпосунан да учуратууга болот. Жогорку сыяктуу кыргыз элинин оозеки адабиятынын улуттук традициясында өсүп сүргөн идеялык, мазмундук, образдык, эпизоддук окшоштуктар эпостун формалык түзүлүшүндө да өз изин калтырган. Натыйжада "Эр Табылды" эпосунан

улуттук традицияга мүнөздүү ык жана каражаттар ичинде төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот. Бул, же тиги көрүнүшкө ~~[illegible]~~ карата элдин өз карашын, баасын берүү максатында колдонулуучу айтуучунун баяндамасы, бул же тиги окуянын чечилишин алдын ала баяндап берген түш көрүнүш колдонулушу, каармандын речиндеги мүнөздүү узун-узун монологдор, көлөмдүү кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөр, кошок, арман жанрларынын орун алышы, бардык эпосторго таандык традициялуу салыштыруу эпитеттердин саналышы болуп эсептелет.

Эпосто айрыкча кеңири колдонулуучу ыкманын бири – каармандын көргөн түшү аркылуу анын жеңиши, же башына түшкөн оор абалды баяндоо болуп эсептелет. Мындай ык эпостордун бардыгында дээрлик колдонулат. Мисалы, "Курманбек" эпосунда Курманбек өңүндө боло турган ишин бардыгын түшү-түшүндө көрөт. Түшүндө Курманбек калың жоонун курчоосунда калып, аты баспай майып болгон болсо, өңүндө да ошол эле иш кайталанат. "Эр Табылды" эпосунда анын элине [illegible]-өөсөн кайта тургандыгы ашып-ташып тынчсызданган элдин өз тууруна конушу Карыгандын түшү аркылуу берилет. Карыган көргөн түшүн жоруткайын деп тоолорду аралап, козусун жайып Чаңкойду көздөй жөнөйт. Ал аны түштү же мисалы, аяр акылдуу кишиники жоруйт, же өзүнүн [illegible] көргөн [illegible] адамына жоруткан элдин түш көрүүгө канчалык жогору маани бергендигин белгилейт. Андан элдин башына түшө турган оорчулук же бир жакшылыктын жышаанын алдын ала билгилүү болот. Түштү жорууда ошонку адабият-

тын традициясына таандык көрүнүш сакталгандыгын көрөбүз. Көргөн түшүн баяндоо:

Түндө жатып түш көрдүм
Бир ажайып иш көрдүм[1].

-деп, бизге белгилүү "туруктуу" текст менен башталат. Же болбосо:

Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?[2]

- деп, ар бир көрүнүштөн кийин риторикалык суроолор кайталанат. Ошондой эле түш көрүүдө "туруктуулукту" түзгөн кара төрдүн аты менен жакшылыктын жышаанын айкалышат. Мисалы Карлыгач түшүндө:

"Кайнаган калың эл көрсө,
Кара чаар шер көрсө

муну Чачыкей: "Кайнаган калың эл көрсөң,
Кара чаар шер көрсөң,
Шер колдогон абакең
Хан Табылды келиптир.[3]

-деп жакшылыкка жоруйт. Мында Кара чаар шер эпдик баатырдын прообразын түзөт. Ошондой эле Чачыкейдин:

Үйдөгү сака жатпады
Ошол абаң эмеспи.
Отуруп чөрмөсө чүкөнү
Душманын бирдей кыйратып,
Куртун курайт эмеспи[4].

---

1. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 137-бет.
2. Жогорудан каралсын, 137-бет.
3. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 158-бет.
4. Жогорудан каралсын, 159-бет.

– деп жоруушунан эрдин биригүүгө болгон умтулушу көрүнөт.

Ал эми душмандарга карата колдонулган салыштыруу бардык эпостордо бири-бири мазмун жагынан көп айырмаланбаган өңчөйлүктү түзөт. Мисалы, Р. Дыйканбаевдин вариантында "үй түгүндөй көп калмак", А. Тыныбековдун вариантында "Кумурскадай кыбырап", "Курманбек" эпосунда "кара таандай" сыяктуу колдонулган эпитеттер жоо тараптын басымдуулугун көрсөтүүдө бирдей милдетти аткарышат. Ошондой эле, "Ак жолборстой чамынып", "бала жолборс өгдөнүп" сыяктуу жалпылыкты түзгөн салыштыруулар орун алат. Же болбосо баатырдын портретин мүнөздөөдө:

"Баары бою ок экен
Балбылдап көзү чок экен"

сыяктуу каармандын кайраттуулугун таймanбас-эрдигин таамай сүрөттөөгө салыштыруулар колдонулат.

Жекеме-жекеге чыгуу менен бул, же, тигил талаш маселени чечүү эпостун баатырларынын кыймылына кандай мүнөздүү болсо, аны сүрөттөө да ошондой эле өкмөм көркөм сөз каражаттарына ээ болгон. Мисалы, жоону кыйы[1]рып бара жаткан Табылды эпосто:

Эки жакты карашып,
Эрдин тиштеп жаланып.
Ак жолборстой азырып,
Кабыландай бакырып.
Калың жоону аралап,
Кайрат менен Табылды

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 78- бет.

Кайрып кирди Табылды

"Мезэстеп" үрөөн чакырып.[1]

-деп, айбаттуу да, сүрдүү да сүрөттөлсө, ушул эле учур "Курманбек" эпосунда да:

Кара чаар жолборстой

Кайрып кирди жандалып.[2]

сыяктуу "туруктуу" салыштыруулар менен берилет.

Эпостун көпчүлүк эпосторго жалпы бирдей оттенканы, бирдей интонациялык курулушу түзгөн "туруктуу" ыр саптары да учурайт. Мисалы, А. Тыныбековдун вариантындагы:

Калган айтсам эгерде

Төшү түктүү жер урсун,

Төбөсү ачык көк урсун,

Ак келтенин огу урсун.[3]

деген "туруктуу" текст К. Жамгырчиевдин вариантында да сакталат. Жогорку "туруктуу" тексттер окм учурда тең бир эле оттенканы берсе да, ар кандай кырдаалга жараша өзүнүн тар жана кең маанисине ээ. Натыйжада элкөнүн бирдиктүүлүгүн сактоого арналган салтанаттуу антташ болсо, жеке адамдын ишенимине чейин көтөрүлүшү элдин сөз ишенимин жогору баалагандыгын көрсөтөт. Ошондой эле жогорку тексттен төбөсү ачык көк, төшү түктүү жер сыяктуу символикалык туруктуу образдарды учуратабыз. Мисалы, Г. Дыйканбаевдин

1. 1. А. Тыныбеков "Эр Табылды"", 78-бет.
2. К. Акиев "Курманбек", 32-бет.
3. А. Тыныбеков "Эр Табылды", 143-бет.

вариантарындагы:

> Авууларын аркайтып,
> Ат өлүгү көп экен.
> Муруттары чычайган,
> Эр өлүгү көп экен.[1]

сыяктуу эр саптары "Манас" эпосунан да кездешет. Бул сыяктуу "туруктуу тексттер" сөздөн сөзгө өтүп, эчен кылымдар бою жашаса да, өзүнүн оттенкасын, поэтикалык өзгөчөлүгүн , күчүн жоготпойт. Ошондой эле эпостогу традициялык ыкмалар, көркөм сөз каражаттар, күчтүү түзүлгөн образдар эпостон-эпоско өтүп, жаңы маани, жаңы поэтикалык күч менен айтылып калган учурлары да болот.

Жалпы эле оозеки адабияттын традициясында ат адамдын учса канаты, консо куйругу катары бааланат. Ошондуктан көпчүлүк учурда баатырдын минген атынын образы ошол каармандын өзү турган деңгээлде түзүлөт. Натыйжада атынын жардамы менен баатыр жеңишке жетсе, атсыз учурда жеңилишке учурайт. Ошондуктан эл өз каарманынын образын, портретин түзүүгө кандай сүйүүчүлүк менен мамиле жаса, баатырдын минген атынын портретин да ошондой эле жагымдуу сүрөттөөгө аракеттенет.

Табылдынын кырк жигит күтүп, аларга талып ии кылышы оозеки адабиятта эчактан бери эле келе жаткан алгачкылыгы сыяктуу эле баатырдын атын, кечеш менен кырк жигитке кайрылуусунда да традициялык бирдик сакталган. Мисалы,

"Эр Табылды" эпосундагы:

"Айланайын кырк жолборс
Кыркың бирдей жан жолдош.
Айланайын кырк досум,
Кыркың бирдей жолдошум"[1]

сыяктуу кайрылуулардын эквиваленти "Курманбек" эпосунда "Айланайын кырк жигит", "жан жолдошум кырк жигит", "ак жолборсум кырк жигит" сыяктуу кайрылуулар менен берилет.

Эпосто басымдуулук кылган сюжет куруу ыкмаларынын бири айтуучу тарабынан мурунку окуяны жыйынтыктап, андан кийинки окуяга угуучуну даярдоо максатында кара сөз формасындагы туюндурмалардын колдонулушу болуп эсептелет. Эпостогу: "Курманбектин алдына келип, атасынын жообун берип турган жери", "Буларды көрүп, Чалкалмак ого бетер капа болуп, ачууланып айткан сөзү" сыяктуу айтуучунун баяндамасынан кийин көпчүлүк учурда каармандын кайрылуу иретиндеги узун монологу берилет. Буга мисал катарында жарааты ырбап, эси ооп, жаны кыйналып жаткан учурдагы Табылдынын, же ошондой эле абакта калган Курманбектин арман менен айтылган муңдуу монологдорун көрсөтүүгө болот. Мисалы, Табылды:

Же угулбайт үнүм элиме,
Элим турган жериме:—
Өтөмдөн жардам болбосо,
Жан кыйнабы жалдырап
Зоо талаа жериңде[2] -деп,

---

1. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 39, 41-бет.
~~2. К. Алиев "Курманбек", 89-бет.~~
2. А. Тыныбеков, "Эр Табылды", 162-бет.

өзүнүн эрен талаада жароосу алсыз жатканына арман кылса, ушул учур "Курманбек" эпосунда :

Кадыр түндө түш көргөн
Арманым ушул турбайбы,
Балдарды көрөр киши жок,
Калганым ушул турбайбы,

- деп берилет. Эки баатырдын соңку учурдагы монологу өзүнүн мазмуну жана интонациясынын курулушу боюнча да бири бири менен үндөшөт. Эгерде Курманбектин монологунан баатырдын жалгыздыгынан, анын күрөшүнүн баалуу жагын түшүнбөгөн душмандар менен келишүүгө өткөн атасынын кыянатчылык кылык-жоруктарын ашкерелеген арман менен катар наразылык орун алса, ушундай эле моментти Эр Табылдынын речинен да учуратабыз. Натыйжада эки баатырдын жарадар болушу элинин ич ара ырк жоктугуна байланышат. Натыйжада ич ара ынтымаксыздык баатырдын жеңилишине бирден бир себебин экендигин көрсөтүп, элди биримдүүлүк, ынтымактуулук менен душманга каршы турууга чакырган идея ишке ашат. Ошентип, бир моменттин эки эпосто бирдей толкууга ээ болушу ошол кездеги кыргыз коомчулугунун шарты менен байланышкан. Феодалдык-патриархалдык мамилелердин өкүм сүрө башташы менен элинин ички биримдиги бузулган. Феодал төбөлдөрүнүн материалдык караматтарга ээ болууга аракеттениши, байлык, мансап үчүн элинин ичиндеги карама-каршылык душмандардын [illegible]-

---

К. Акиев "Курманбек", 113-бет.

өлкөнүн территориясына тереңирээк кирип, элди көз каранды кылуусуна шарт түзгөн. Ошондуктан баатырдык эпосторго кыргыз урууларынын эл болуп бириккен доору үчүн мүнөздүү болгон биримдикке, ынтымактуулукка чакырган идеялар көтөрүлгөн. Бул айрыкча "Курманбек" жана "Эр Табылды" эпосторунун саясаттык мазмунун талдап караганда ачык көрүнөт. Мисалы, душмандардын тылында катуу чабуул жасап бара жаткан Табылдынын тыл менен болгон байланышы үзүлүп, ок, жарак ж.б. зарыл болгон каражаттардан ажырашы менен Чалкалмактан жеңилип, оор жарадар болот. Ал эми "Курманбек" эпосунда Курманбектин жеңилиши да жогоркудай эле картинаны элестетет. Атанын "авторитетин" сактоого аракеттенип, ал үчүн уулунун адилеттүү жолуна бөгөт болгон атасы Тейитбектин кыянатчылыгынан Курманбек өлүмгө дуушар болот. Жыйынтыктаганда эки эпосто моменттен бир гана көрүнүштү чийет. Өлкөнүн ичиндеги бытырандылуулуктун кесепетинен элдик баатыр жеңилишке учурайт.

"Эр Табылды" эпосундагы каармандардын речинде ар кандай арман, кошок, санат, насыят сыяктуулар жанрдын түрлөрү колдонулат. Ошондой эле каармандардын мүнөзү кайгылуу монологдо, курч диалогдо, автордук баяндамада ачык ачылат.

Эпосто ар бир каармандын кыймыл-аракетине жараша пейзаждын туура тандалып алынышы да бул, же тигил ырдаалдын мазмунун толук ачууга мүмкүндүк түзөт. Мисалы, Табылдынын жарасынан сакайышында:

" Тоо башы күлүңдөп,
Учуна сары күн чалып" -деп,

өз нуру менен жер бетине жашылыктын, тиричиликтин нурун

1. А. Тыныбеков. "Эр Табылды", 180-бет.

төмөн күн нурунун пейзажын берет.

Ал эми төрө образдардын портретин түзүүдө эпосто чоң чеберчилик сезилет. Каармандарга карата берилген ар бир тике, курч, таамай айтылган сөздөр анын ички дүйнөсүн, ошол моменттеги иштеген ишинин мазмунун мүнөздөйт. Мисалы, эпосто Кудайназар "куудай сакал агарып, күзгүндөй көзүн кызарып туу байтал менен уюлгуп" деп сүрөттөлөт. Мында колдонулган "күзгүндөй" деген салыштыруу да өз ордун тапкан. Ал эми Алтыбайга карата колдонулган:

"Ала көөдөн жоо экен,
Аныны тайже бала экен.
Аралына жашы кээнсе,
Алпоос сөзү бар экен,
Кейрөң чалыш кул экен" - деген

мүнөздөмө анын ички "дүйнөсүн" толук ачууга жемек көрсөтөт. Эпостогу Чоюнбаш, алжабаш сыяктуу баатырдын курал жарагы, олпок, чопкут сыяктуу жоого кийчү кийим элдик каармандын баатырдык кийими, кулк-мүнөзүнө дал келет.

Сөзүнүн идеялык-мазмундук жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү боюнча сөз кылса, А. Тыныбековдун варианты жогору деңгээлде турат. Ал белгилүү даражада эпостун көркөмдүүлүгүн белгилеерде ачык байкалат. Ал эми бизге жалпы эле эпостун мазмунун менен катар анын формасы да өзгөрүүлөргө өө болгондугу белгилүү. Бирок ал белгилүү даражада эпосчо көөлгөн элдик талантан четке чыкпайт.

Жыйынтыктаганда , К. Акиевдин варианты көркөмдүгү жагынан жогору туруп, элдик.

---

1. А. Тыныбеков, " Эр Табылды", 243-бет.
2. Жогорудан кара, 20-бет.

эпоско коюлган талапка толугу менен жооп берет. Сөзсүз, поэма кылымдар бою күрөшүп келген кыргыз элинин көз каранды эместик   күрөшүнүн элесин бере алат.

[illegible]
Полиграфическая фабрика № 2
Ленинград, ул. Дзержинского, 22
Арт. 2294 Цена 60 к.